333кырг
Н28

НАРБАЕВ К.

# КЫРГЫЗ ССРинде ЖЕР РЕСУРСТАРЫН НАТЫЙЖАЛУУ ПАЙДАЛАНУУНУН ЖОЛДОРУ

Книга должна быть возвращена не позже указанного здесь срока

Количество предыдущих выдач

333кыр5
Н28

НАРБАЕВ К.,
айыл чарба илимдеринин кандидаты

# КЫРГЫЗ ССРинде ЖЕР РЕСУРСТАРЫН НАТЫЙЖАЛУУ ПАЙДАЛАНУУНУН ЖОЛДОРУ

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 233646

АБОНЕМЕНТ

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
Фрунзе 1976

333
Н 28

**Нарбаев К.**

Н 28 Кыргыз ССРинде жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун жолдору. Ф., «Кыргызстан», 1976 ©

80 бет.

Бул китепчеде жер фондусунун өлчөмү жана аны пайдаланууну анализдөө, жерди жана негизги айыл чарба өсүмдүктөрүн пайдалануунун натыйжалуулугун мүнөздөөчү экономикалык көрсөткүчтөр аныкталат.

333

Н $\frac{414-37}{М 451 (17)-76}$ 151—76

© «Кыргызстан» басмасы, 1976.

## КИРИШ СӨЗ

Калктын жогорку сапаттуу тамак-аш продуктыларына, өнөр жайдын сырьёго болгон керектөөлөрүн толук камсыз кылууга жөндөмдүү бардык жагынан өнүккөн айыл чарбасын түзүү — партиянын Программасында, КПСС БКнын 1965-жылдагы март, 1966-жылдагы май, 1970-жылдагы июль Пленумдарында жана партиябыздын XXIV съездинде белгиленген негизги милдеттердин бири болуп саналат.

СССРдин эл чарбасын 1971—1975-жылдарда өнүктүрүүнүн беш жылдык планы боюнча КПСС XXIV съездинин Директиваларында төмөндөгүлөр өзгөчө белгиленген: «Беш жылдыктын башкы милдети — социалисттик өндүрүштү өнүктүрүүнүн, анын натыйжалуулугун жогорулатуунун, илимий-техникалык прогресстин жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн жогорку темптеринин негизинде элдин турмушунун материалдык жана маданий деңгелин бир кыйла жогорулатууну камсыз кылуу болуп саналат»[1]

Бул эбегейсиз зор милдет айыл чарбасына да толугу менен тиешелүү. Мына ушул алдыдагы беш жылдыкта республиканын айыл чарбасынын дүң продукциясын өндүрүүнү кеминде 20 процент көбөйтүү белгиленген. Мында эт өндүрүү 33 процентке, сүт өндүрүү 25 процентке, жумуртка өндүрүү 44, жашылча — 24, мөмө-жемиш — 53 процентке өсөт.

Бул милдеттерди ийгиликтүү чечүү жер ресурстарын канчалык туура жана рационалдуу пайдаланууга да көп жагынан байланыштуу:

[1] КПССтин XXIV съездинин материалдары М., 1971.

Максат: жер фондусунун өлчөмүн жана аны пайдалануунун анализдөө, жерди жана негизги айыл чарба өсүмдүктөрүн пайдалануунун натыйжалуулугун мүнөздөөчү экономикалык көрсөткүчтөрдү аныктоо болуп эсептелет.

Бул китепчеде айрым зоналардагы жана райондордогу жерди пайдаланууну толук баяндоо милдети коюлбайт.

Жалпысынан республика боюнча төмөндөгүдөй маселелерди кароо изилдөөнүн милдети болуп саналат:

— жердин абалын жана анын канчасы пайдаланылып жаткандыгын анализдөө;

— жерди пайдалануунун деңгелинин төмөндүгүнүн себебин аныктоо;

— келечекте сугат дыйканчылыгынын өнүгүшүнүн жолун жана багытын белгилөө.

Айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун аныктоонун методологиясын изилдөөлөрдүн негизинде агрардык маселелер боюнча маркстик-лениндик теориянын жоболору, КПССтин Программасы жана айыл чарбасын өнүктүрүү маселелери боюнча КПССтин жана Совет Өкмөтүнүн эң маанилүү чечимдери, ошондой эле айыл чарбасында өндүрүштүн негизги каражаты катарында жер жөнүндөгү маркстик-лениндик илим орун алган.

Өнүгүүнүн азыркы этабында өнөр жай менен айыл чарбасында борбордук проблемалар катарында коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун бардык чаралар менен жогорулатуу, эмгектин чыгымдалышын үнөмдөө, капиталдык салымдар менен негизги өндүрүш фондуларынын акталышын көбөйтүү маселелери коюлуп отурат.

Социализмдин тушунда аз чыгымдан эң зор натыйжаларга жетишүү өндүрүштүн натыйжалуулугунун жалпы багыты болуп саналат.

Айыл чарбасында мунун өзү эмгек өндүрүмдүүлүгүн тынымсыз жогорулатуу жана жердин ар гектарынан продукция өндүрүүнү көбөйтүү жолу менен жетишилет.

Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн мазмунун маркстик аныктоо боюнча айтканда «эмгек өндүрүмдүүлүгү дегенибиз жалпысынан эмгекти минимум жумшоо менен максимум продукту алуу болуп санала тургандыгында турат». Демек коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу



экономикалык натыйжалуулукту аныктайт. Акыр аягында коомго жердин ар бир гектарынан коомдук эмгекти жана продукциянын бирдигине каражаттарды минималдуу жумшоо менен жогорку сапаттагы продукцияны көбүрөөк алуу маанилүү.

Бүткүл айыл чарбасы үчүн жалпы болгон эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн методикалык принциптери жана көрсөткүчтөрү, продукция өндүрүүнүн, доходдун жана рентабелдүүлүктүн көрсөткүчтөрү — дыйканчылык үчүн толук колдонулат да анын натыйжалуулугун изилдөөдө негизги шарт болуп саналат.

## ТАБИГИЙ-ЭКОНОМИКАЛЫК ШАРТТАР ЖАНА АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ АЛАРДЫН ТААСИРИ

### Географиялык абалы

Кыргызстан рельефи ар түрдүү келген бийик тоолуу өлкө болуп саналат, анын климаты кескин континенталдуу. Ал советтик Орто Азиянын Түндүк Чыгыш бөлүгүндө жайгашып, материк ичиндеги типтүү тоо өлкөсүн түзөт. Кыргызстандын чек аралары түндүк кеңдиктин 43°20 жана 39°10 ортосунан өтүп 69°10 жана 80°20 чыгыш узундугунан өтөт да деңиз деңгээлинен 500 метрден 7439 метрге чейинки бийиктикте жайгашкан. Республиканын жалпы аянты 199,9 миң чарчы километрге барабар, алардын 90 процентине жакыны Тянь-Шань, Памир-Алай системасына кирүүчү бийик тоолуу массивдер болуп эсептелет. Калган 10 проценти тоо ортосундагы ойдуңдарга жана өрөөндөргө туура келет.

Кыргызстандын территориясы Белгия, Нидерланды, Португалия, Швецария сыяктуу батыш европалык өлкөлөрдүн жалпы аянтынан чоңдук кылат. Калктын орточо жыштыгы бир чарчы километрге 15 киши туура келет.

Кыргызстан бүткүл тарабынан чөл түздүктөрүнүн учу-кыйрына көз жеткис мейкиндиктери менен курчалып мээлүүн кеңдиктеги чөл зонасында жайгашкан. Кыргызстандын түндүгүндө Жети-Суу талаасы созулуп жатат, ал бет бак талаа чөлү, Моюн-Кум чөлдөрү ме-

нен кошулган. Батыш жагында чөлдүү Туран ойдуңу жайгашкан, Какшаал тоосунун Түштүк-Чыгыш жагында Памир ойдуңу Такла-Макан чөлү менен чектеш жайлашкан.

Кыргызстан күнөстүү өлкө болуп саналат. Республика боюнча күндүн тийишинин орточо жылдык узактыгы 2500—2750 саат болот, булут каптоо 5—6 баллды түзөт. Март — апрель айларында 7—8 баллга чейин жетет, август — сентябрь айларында 3—4 баллды түзөт.

**Табигый шарттардын зоналык өзгөчөлүктөрү.**

Айыл чарба өндүрүшү, аны адистештирүү жана жайгаштыруу негизинен ар түрдүү зоналардын табигый-экономикалык шарттарына байланыштуу келет. Айыл чарбасында жаратылыштын өзү өндүрүштүн натыйжаларына таасир тийгизип табигый эмгек өндүрүмдүүлүгүнө шарт түзөт. К. Маркс мындай деген: «...Дыйканчылыкта (ошондой эле тоо өнөр жайында да) иштин жайы коомдук эмгек өндүрүмдүүлүгүндө гана эмес ошону менен бирге табигый эмгек өндүрүмдүүлүгүнө да байланыштуу, ал табигый эмгек шарттарына жараша болот».[1]

К. Маркс бул маселе боюнча дагы мындай деп жазган: «Дыйканчылык эмгегинин өндүрүмдүүлүгү табигый шарттарга байланыштуу болуп бул шарттардын өндүрүмдүүлүгүнө жараша ошол эле сандагы эмгектин көлөмү чондур, кичинедир керектелүүчү наркка ошондой эле продуктылардын санына жараша өндүрүлөт»[2].

Айыл чарба өндүрүшүндө дыйканчылык системасы, чарбаларды адистештирүү айыл чарба өсүмдүктөрүн жайгаштыруу, агротехника жана технология, дыйканчылыктагы мелиорация жана эмгек өндүрүмдүүлүгү ар бир зонанын табигый жана экономикалык шарттары менен эң тыгыз байланышкан. Ошондуктан айыл чарбасынын шарттарында ар бир зонанын, райондун жана ар бир конкреттүү чарбанын табигый жана экономикалык шарттарын так учетко алуунун зор мааниси бар.

[1] *К. Маркс, Ф. Энгельс.* Чыгармалар, 25-т. 327-бет.
[2] Ошондо эле, 383-бет.



Кыртыштык-климаттык жана экономикалык шарттарга жараша айыл чарба өндүрүшүн жайгаштыруунун жана адистештирүүнүн мүнөзү, ошондой эле анын негизги багыты белгиленип, ар бир табигый жана айыл чарба зонада жер байлыктары түрдүүчө пайдаланылат.

Табигый шарттар дыйканчылык тармагына орчундуу таасир көрсөтөт. Ошондуктан жер ресурстарын интенсивдүү пайдаланууда жана айыл чарба өсүмдүктөрүн рационалдуу жайгаштырууда ар бир конкреттүү айыл чарба зонасынын кыртыштык-климаттык шарттарынын өзгөчөлүктөрүн эске албоого болбойт.

Кыргызстандын территориясында бир катар ыраattуулук менен алмашуучу зоналарга шарт түзө турган табигый шарттардын көрсөткүчтөрү даана билинип турат, алардын чегинде дыйканчылык шарттарынын эң орчундуу өзгөрүшү болуп турат. Республиканын ар түрдүү райондорунда бирдей эле абсолюттук бийиктикте табигый шартта, өзгөчө техникалык ресурстар бирдей эмес, демек айыл чарба өсүмдүктөрүн өндүрүүнүн диапозону да бирдей болбойт.

Азыркы убакытта кыртыштык-климаттык, геоботаникалык изилдөөлөрдүн колдогу материалдарынын, жер балансынын, суу менен камсыз болушунун жана жер фондуларынын, географиялык абалдын, эмгек ресурстарынын жана калктын эмгекке көнүгүүлөрүнүн, айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнүн жана жайгаштыруунун маалыматтарынын негизинде жана Кыргызстандын чегинде бирдей өндүрүш шарттарына ылайык төмөндөгүдөй айыл чарба зоналары белгиленген:[1]

1. Фергана аймагындагы пахтачылык
2. Фергана тоо этегиндеги пахтачылык — мал чарба
3. Фергана тоо этегиндеги тамеки өстүрүү — мал чарба
4. Чүй кызылча өстүрүү — мал чарба
5. Талас кой чарба — тамеки өстүрүү
6. Ысык-Көл аймагында кой өстүрүү
7. Бийик тоолуу борбордук Тянь-Шань

Айыл чарба жерлеринин структурасын жана айыл чарбасынын тармактарын айкалыштырууну эске алуу

[1] Кыргыз ССРинин айыл чарбасын жүргүзүү системасы, Фрунзе, 1968.

менен түзүлгөн азыркы убактагы айыл чарба зоналары кандайдыр бир даражада резервдерди издеп табууга жардам берет. Бирок кээде дагы башка табигый экономикалык факторлордун эбегейсиз зор маанисин жетишсиз эске алуу жана алардын ролун төмөндөтүү көп учурларда айыл чарбасын шаблондуу түрдө пландаштырууга жана ага туура эмес жетекчилик кылууга алып келип олтурат. Бул кемчиликтер биздин пикирибизче пландаштыруунун өтө эле жалпыланып кетишинин натыйжасында пайда болуп, айыл чарбасынын азыркы өндүрүштүк адистештирилишин гана эске алат да, Кыргызстандын ири табигый өзгөчө бөлүктөрүнүн ортосунда эмгекти тарыхый түзүлгөн бөлүштүрүүгө, алардын административдик-территориялык чачынды болушуна көңүл бурулбайт.

Айыл чарба өсүмдүктөрүн рационалдуу жайгаштыруу жана жер фондусун натыйжалуу пайдалануу үчүн Кыргызстанды кыртыш жагынан райондоштуруу бир кыйла ылайыктуу метод деп эсептөөгө болот.

Табигый шарттардын комплексин эске алуу менен Кыргызстандын территориясы төмөндөгүдөй кыртыштык-климаттык провинцияга бөлүнгөн: Түштүк Кыргызстан, Түндүк Кыргызстан жана борбордук Тянь-Шань.[1]

Түштүк Кыргызстан пахта өстүрүүчү аймакка кошулуп, административдик бөлүнүшү боюнча Ош областынын территориясын кучагына алат. Географиялык жактан ал Орто Азиянын эң зор эки тоо системасынын — Памир-Алайдын жана Тянь-Шандын кошулган жеринде жайгашкан. Анын территориясы Фергана өрөөнүнүн тоо этегин жана тоолуу аймагын түзүп 500—600 метрден 5000—6000 метрге чейинки абсолюттук бийиктикте жайгашкан.

Түштүк Кыргызстан республиканын негизги дыйканчылык зонасы болуп саналат. Мында республиканын бүткүл пахтачылык жана жибекчилик тармагы топтолгон. Мындагы эң жагымдуу кыртыштык-климаттык шарттар көптөгөн айыл чарба өсүмдүктөрүн: пахтаны, субтропикалык өсүмдүктөрдүн кээ бир түрлөрүн, жашылчаларды, мөмө-жемиштерди, коон-дарбыздарды жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүүгө мүмкүндүк берет.

[1] *А. М. Мамытов*, Кыргызстандын кыртышынын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун теориялык негиздери. Фрунзе., «Кыргызстан» басмасы, 1965.



Түштүк Кыргызстандын жер байлыктарынын структурасы айдоо жерлеринин салыштырма үлүшүнүн бир кыйла жогору болушу менен мүнөздөлөт, мында ал айдоолордун жалпы аянтынын 32 процентин жана республиканын сугат жерлеринин 26 процентин түзөт. Түштүк Кыргызстанга тамеки айдоолорунун 76 проценти, дан өсүмдүктөрүнүн 26 проценти (мунун ичинде шалынын 99,8 проценти), жашылча өсүмдүктөрүнүн 30 проценти, картошканын 23 проценти, мөмө-жемиштин 22 проценти туура келет. Техникалык өсүмдүктөрдүн салыштырма үлүшү башка райондорго караганда эң жогору болуп, бардык айдоолордун 21 процентин ээлейт.

Түштүк Кыргызстан республиканын айыл чарбасынын дүң продукциясынын 34 процентин өндүрүп, дыйканчылык областтын бүткүл дүң продукциясынын 56 процентин берет, анын 42 проценти техникалык өсүмдүктөргө — пахтага жана тамекиге туура келет. Түштүк Кыргызстанда кайрак дыйканчылыгы да өнүгүп, республиканын кайрак айдоолорунун 70 процентин ээлейт.

Бул зонада мал чарбасы да өнүккөн. Мында республикадагы ири бодо малдын 41 проценти, койлордун 30 проценти жана эчкилердин 74 проценти топтолгон.

Тоо кыркаларынын тоо арасындагы өрөөндөрдүн, бөксө тоолордун жана адырлардын болушу климаттын элементтеринин — жаан-чачындын, жылуулуктун бөлүштүрүлүшүнө олуттуу таасир тийгизет. Мына ушул факторлордун натыйжасында Түштүк Кыргызстандагы территория өздөрүнө мүнөздүү климаттык шарттары бар бир нече алкакка бөлүнөт. Андагы кыртыштык-климаттык шарттар ар бир алкакта айыл чарба өндүрүшүнүн мүмкүнчүлүгүн жана багытын аныктайт.

Негизги дыйканчылык (пахтачылык) зонасы тоо алдындагы ойдуңдардын территориясын жана тоо ичиндеги өрөөндөрдү ээлейт. Бул зона Араван, Кара-Суу, Сузак жана Ленин административдик райондорунун чарбаларын кучагына алат, анда эң эле ар түрдүү айыл чарба өсүмдүктөрү өстүрүлөт.

Бул зонада боз топурак кеңири таралган, алардын түзүлүшүнө шыбак эфемердик жарым чөлдүү типтеги өсүмдүктөрдүн таасири тийген.

Климаттык шарттары боюнча ал мээлүүн ысык алкакка кошулат, июль айында абанын орточо температу-

расы 25°С, кээде 40°С ка чейин жетет. Жайкысын кургакчыл келет. Жылуу мезгилдин узактыгы 199—236 күн. Кышкысын жылуу келип, анчалык суук болбойт. Январь айынын орточо температурасы 3—5°С. Кардын калыңдыгы көп учурларда 800—1000 миллиметрге жетип тез эле эрип кетет, анын калыңдыгы көп учурларда 5—20 сантиметрден ашпайт.

Жазында абанын температурасы жылуу болуп, марттын 1-числолорунан башталат да күздүк жана жаздык өсүмдүктөрдүн вегетациясы үчүн жагымдуу келет, жаан-чачын көп жаайт, мунун өзү кээ бир учурларда жазгы талаа жумуштарынын кечиктирилишине алып келет. Күзгүсүн кургакчыл келип пахта сыяктуу кеч жетилүүчү өсүмдүктөрдү катуу суук түшкөнгө чейин эле жыйнап алууга мүмкүндүк берет. Кээде күн бүркөлүп жаан-чачын жаап турат, абанын температурасы төмөндөйт.

Бул зона айдоо жерлеринин салыштырма үлүшүнүн жогору болушу менен мүнөздөлөт, айдоолор айыл чарба жерлеринде 21 процентти ээлейт, анын 75 процентине жакыны сугарылат. Кыртыштын негизги тиби боз топурак.

Бул алкак интенсивдүү дыйканчылык үчүн эң жылуу жана эң жагымдуу зона болуп саналат. Мындагы кыртыштык-климаттык шарттар пахтаны, субтропикалык өсүмдүктөрдүн кээ бир түрлөрүн (анарды, анжырды) жашылчаларды, мөмө-жемиш, коон-дарбыздарды жана башка көптөгөн өсүмдүктөрдү өстүрүүгө мүмкүндүк берет.

800—1600 метр бийиктикте кадимки күрөң түстөгү боз топурактуу зона жайгашкан. Мында климат жаан-чачындын бир кыйла көп болушу жана абанын температурасынын бир аз төмөн болушу менен айырмаланат. Рельефи боюнча адырлуу аймак болуп саналат. Жогорку алкактарга жылган сайын айыл чарба өндүрүшүнүн багыты жана жер ресурстарын пайдалануунун мүнөзү өзгөрөт.

Тоо этегиндеги зоналарда жайгашкан чарбалар негизги багыты пахтачылык — мал чарбачылык (Баткен, Лейлек, Фрунзе райондору), мал чарба-тамеки өстүрүүчүлүк (Ноокат, Өзгөн, Ала-Бука, Жаңы-Жол райондору) багытында иштейт.

Бул кошумча зоналар негизинен өзгөчө жылуу жана



анча-мынча мээлүүн-ысык алкактарга кошулат. Жайкысы узакка созулуп, пахта зонасына караганда анчалык ысык болбойт. Аяздуу суук мезгилдин узактыгы 180—195 күнгө созулат. Жылына 200—400 миллиметр жаан-чачын болот. Вегетациялык мезгил 130—210 күнгө созулат. Абанын орточо жылдык температурасы +9+10°С.

Мында дыйканчылык пахта зонасына караганда аз өнүккөн, анын айдоо аянтынын салыштырма үлүшү бир кыйла төмөн болуп 9,4 процентти жана сугат аянтынын үлүшү 4 процентти түзөт. Кайрак жерлер бир кыйла өнүгүп айдоолордун 40 процентке жакынын түзөт.

Бул зонанын кыртыштык-климаттык шарттары субтропикалык өсүмдүктөрдү өстүрүүгө мүмкүндүк бербейт да, пахта эгүү үчүн анчалык жагымдуу эмес. Бул зонада жерлер тамеки, дан, жашылча, тоют өсүмдүктөрүн эгүү үчүн, мөмө бактарын, жүзүм өстүрүү, жазгы, күзгү жайыттар жана табигый чөп чабындылар үчүн пайдаланылат.

Келечекте агрономиялык жактан жагымдуу жер участокторунда жыттуу тамекинин түшүмүн өстүрүүнүн жана анын айдоолорун кеңейтүүнүн негизинде тамеки өстүрүүчүлүктү мындан ары күчөтүү айыл чарба проблемаларынын негизги милдети болуп саналат.

Дыйканчылык зонасында кыртыштын негизги тиби кадимки боз топурак. Андан ары күрөң боз топурак жерлер жайгашкан, алар көбүнчө кайрак жерлер үчүн жана малды жазында, күзүндө жайуу үчүн пайдаланылат. Ар бир район үчүн кыртыштын өзүнчө процесси мүнөздүү. Мисалы Түркстан кыртыш округунда (Баткен району) кадимки жана күрөң боз топурак, тоо токой жана субалпилик кыртыштар жайгашкан. Фергана, Чаткал кыртыш округунда (Ала-Бука, Жаңы-Жол райондору) ачык, кадимки жана күрөң боз топурак субалпийлик кыртыштар орун алган. Мында кээ бир жерлерде закон ченемдүү процесс катарында тоо-токой алкактарынын жоктугу байкалат) жаңгак — мөмө токойлорунун кыртыштарын эсептебегенде) ушул алкактардын ар бири чарбалык пайдаланууда белгилүү багытта колдонулат.

1500—2800 метр абсолюттук бийиктиктин чегинде күрөң кара топурактуу кыртыштардын алкагы жайгаш-

кан, андагы климат мээлүүн келет. Жылына 500—600 миллиметр жаан-чачын жаайт. Рельефи жагымдуу болгондо жерди кайрак дыйканчылыгын жүргүзүүгө жана дан жем өсүмдүктөрүн эгүүгө, чөп чабындыга пайдаланууга болот. Негизинен жайында жайлоо катарында пайдаланылат.

Кара-күрөң кыртыштарды 600 метрден 2000—2200 метрге чейинки бийиктиктин чегинде Фергана кырка тоосунун жаңгак-мөмө токойлорунун кеңири массивдери ээлейт.

Түштүк Кыргызстандын жаңгак-мөмө массиви өзүнчө бир оригиналдуу аймак болуп өзүнүн кайталангыс көрктүүлүгү менен даңкка бөлөнгөн, бул көрктүүлүктү жаратылыштын өзү түзүп берген. Бул ажайып аймактын табигый шарттары мөмөчүлүктү жана багбанчылыкты кеңири өнүктүрүүгө жагымдуу таасирин тийгизет. Мында ар түрдүү мөмө-жемиштер: жаңгак, алма, алмурут, алча, кара өрүк, мисте, карагат жана башка өсүмдүктөр жапайы түрүндө өсөт. Жалпы аянты 231 миң гектар, анын ичинен 66 миң гектары мөмө жемиш токою, мындан —25,5 миң гектары грек жаңгагы, 19,5 гектары мисте.

Алай жана Токтогул бийик тоолуу райондору мал чарба багытында адистештирилген, анткени бул райондордун табигый шарттары, жайыттарынын салыштырма үлүшүнүн жогору болушу мал чарбасын өнүктүрүүгө жагымдуу таасирин тийгизет. Айдоо жерлеринин салыштырма үлүшү анчалык көп эмес, дыйканчылык начар өнүккөн. Кыртыштык-климаттык шарттары мында ички керектөөлөр жана жем үчүн дан өсүмдүктөрүн, ошондой эле бир жылдык жана көп жылдык тоют чөптөрүн өстүрүүгө мүмкүндүк берет. Тоо зонасы чарбалык жактан негизинен бийик тоолуу алыскы жайлоо катарында пайдаланылат.

Түштүк Кыргызстандын жер ресурстарын рационалдуу пайдалануунун перспективалары мындан ары дыйканчылыкты интенсификациялоодон, ошондой эле сугат дыйканчылыгын бардык чаралар менен өнүктүрүүдөн турат. Мында пахтачылыкты, мал чарбасын, кайрак жерге дан өстүрүү жана тамеки өстүрүүчүлүк, жибекчилик, мөмө өстүрүүчүлүк, жашылча, картошка, бакча өсүмдүктөрүн өстүрүү сыяктуу кошумча тармактар менен айкалыштырууну өркүндөтүү зарыл.



Чүй өрөөнү негизинен кант кызылчасын өндүрүүгө адистештирилип, кызылча — кой чарба багытын көздөйт. Кыртыш райондоштуруу жагынан Түндүк Кыргызстан кыртыштык провинцияга кирет (буга Чүй, Кемин, Талас кыртыш округдарын кошуу керек).

Чүй өрөөнүндө негизинен дыйканчылык басымдуулук кылат. Мында климат кургак келип, жайкысын мээлүүн ысык болот. Июлдун орточо температурасы +23, +24°С. Өрөөндөрдө орточо жылдык температура +8 жана +9°С градуска барабар. Январдын орточо айлык температурасы —8, —9,5 градус суук, ал эми минималдуу температура —47,7 градуска чейин жетет. Жайкы мезгил узакка созулат.

Жылуу мезгилдин узактыгы 170—180 күндү түзөт. Вегетациялык мезгилдин ичинде жылуулуктун суммасы 3500—3600°С барабар. Орточо жылдык жаан-чачындын өлчөмү 300—400 миллиметрди түзөт, мунун өзү айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү үчүн өтө жетишсиз.

Чүй өрөөнүнүн табигый шарттары башка райондорго караганда дыйканчылык үчүн эң ыңгайлуу келет. Мында өрөөндөгү дыйканчылык зонасынын үчтөн бир бөлүгүн боз топурактуу семиз жерлер, шалбаалык жана шалбаалык-боз топурактуу кыртыштар ээлейт. Айыл чарба жерлеринде айдоолор 28,6 процентти ээлейт. Айдоолордун негизги бөлүгү сугат дыйканчылыгы үчүн пайдаланылат, кайрак жерлер анчалык көп эмес. Мындагы климаттык шарттар кант кызылчасын, жашылчаларды, картошканы, бакча өсүмдүктөрүн, мөмө-жемиштерди, жүзүмдү жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүүгө жагымдуу жакшы таасир тийгизет. Тоо этегиндеги жерлер багбанчылык үчүн абдан ыңгайлуу келет.

Чүй өрөөнү республиканын айыл чарбасынын дүң продукциясынын 35 процентине жакынын өндүрөт да, айдоолордун 31,5 процентин түзөт. Мында кант кызылчасынын бардык айдоолору, дан өсүмдүктөрүнүн айдоолорунун 33 проценти, мунун ичинде күздүк буудайдын 44 проценти жайгашкан. Чүй өрөөнү картошканын 31 процентин, жашылчанын 53 процентин, мөмө-жемиштин 62 процентин берет. Мында республикада бирден бир эфир май өсүмдүктөрүнүн плантациясы жайгашкан.

Ошону менен катар Чүй өрөөнүндө мал чарбасы да өнүккөн. Мында мал чарбасы табигый тоют жерлерин пайдалануунун эсебинен да, ошондой эле бир кыйла та-

лаалык тоют өндүрүүнүн эсебинен да өнүгүүдө. Чүй өрөөнүнө жайыттардын 18 проценти гана туура келет, мунун өзү Түндүк кыргызстандын башка райондоруна караганда бир кыйла аздык кылат. Буга байланыштуу ал жалпы республика боюнча өндүрүлгөн кой этинин 18,5 процентин жана жүндүн 19 процентин берет.

Мындагы калктын көп болушу сүт өндүрүүнү өнүктүрүүнүн зарылчылыгын туудурат. Өрөөндүн колхоздору менен совхоздору уй этинин 30 процентин жана сүттүн 38,5 процентин өндүрөт. Мында ошондой эле чочко өстүрүү чарбасы да өнүккөн, жана республика боюнча 66,7 процент жумуртка берет.

Боз топурактуу зонадан жогору жерде ачык күрөң жана күрөң боз кыртыштар жайгашкан, бул кыртыштар негизинен кайрак дыйканчылыгы үчүн пайдаланылат. Кыргыз Ала-Тоосунун Түндүк жантаймасынын орточо тоолуу жана бийик тоолуу алкактарында климаттык шарттар бир кыйла татаал келет. Чарбалык жактан бул алкактар жайыт катарында жана табигый чөп чабынды үчүн пайдаланылат. Кызылча өстүрүүнү жана продуктуулуу мал чарбасын мындан ары өнүктүрүү Чүй өрөөнүнүн айыл чарбасынын негизги проблемасы болуп саналат.

Талас өрөөнү климаттык шарттары боюнча жана чарбалык жагынан тамеки өстүрүү — мал чарба багытында адистештирилген дан чарбасы дыйканчылыктагы кошумча тармак болуп саналат.

Талас өрөөнүнүн климаты кургак келип континенталдуу болот. Климаттын континенталдуулугу Ленинполь, Киров, Грозный, Покровка селолорунун участогунда өзгөчө кескин байкалат, (бийиктиги 600—1200 м). Мында орточо жылдык температура +7°С тан 8°Ска чейин, жайкысын орточо суткалык температура +23°С, 24°С, июлдун максималдуу температурасы +30°С чейин, январдыкы —9°С —40°С чейин жетет. Жылуу мезгилдин узактыгы 140—145 күндү түзөт. Орточо жылдык жаан-чачындын өлчөмү 229—250 миллиметрге барабар. Ошондуктан дыйканчылык бардык жерлерде дээрлик сугаттын шарттарында гана мүмкүн болот.

Талас өрөөнүндө дыйканчылык зонасы негизинен сугаттык боз топурак кыртышы менен мүнөздөлөт. Өрөөндүн батыш жарымы бир кыйла кургакчыл келип чөл сыяктуу болот. Мында сугат дыйканчылыгы менен бир-



ге мал чарбасы, өзгөчө кой чарбасы өнүккөн. Мунун өзү республиканын ири тамеки өстүрүүчү району болуп саналат.

Табигый шарттар жайыттардын эбегейсиз зор массивдеринин болушу (бардык айыл чарба жерлеринин 83,5 проценти) баарынан мурда кой чарбасын өнүктүрүүгө көмөк көрсөттү (айыл чарбасынын дүң продукциясынын 45 процентин түзөт).

Талас өрөөнүндө ири бодо малдын 8,2 проценти, койлордун 10,1 проценти, жылкылардын 8,7 проценти топтолгон. Өрөөндүн колхоздору менен совхоздору эттин 9,2 процентин, сүттүн 10,1 процентин жана жүндүн 11,08 процентин (республика боюнча) өндүрөт.

Талас өрөөнү тамеки айдоолорунун 24,0 процентин, дан өсүмдүктөрүнүн 10,7 процентин (мунун ичинде күздүк буудайдын 13,9 процентин,) картошканын 14 процентин жана жашылчанын 2,08 процентин түзөт.

Талас өрөөнүндө мал чарба жерлерин рационалдуу пайдалануунун перспективалары негизинен курулуп жаткан Киров суу сактагычынын базасында сугат жерлерди кеңейтүүгө байланыштуу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн жогорулатуу жана жайыттарды жакшыртуу, агротехникалык жана уюштуруучулук мүнөздөгү, өзгөчө эрозияга каршы чараларды жүргүзүү биринчи даражадагы милдет болуп саналат. Борбордук Тянь-Шань тоолуу кыртыш провинциясы административдик жактан Ысык-Көл жана Нарын областарын кучагына алат. Бул провинция айланасын кырка тоолор курчаган тоо арасындагы өрөөндөрдү, ойдундарды жана сырттарды ээлейт.

Ысык-Көл ойдуңу бири-биринен таптакыр айырмалуу эки бөлүккө бөлүнөт. Түндүк жагын Ысык-Көл ойдуңунун өзү ээлейт. Түштүк жагын бийик тоолуу сырт зонасы кучагына алган. Ысык-Көл ойдуңу бийик кырка тоолор менен: Түндүк жагынан Күнгөй Ала-Тоо жана түштүк жагынан Тескей Ала-Тоо менен курчалган. Ойдуңдун борбордук бөлүгүндө Ысык-Көл жайгашкан. Анын тереңдиги 702 метрге чейин жетет. Көлдүн суусу шор келип ичүүгө жараксыз.

Ойдуңдун батыш жагынан Кара-Коо жана Кызыл-омпол бөксө тоолору кошулуп турат. Чыгышында Чаар-Жон жана Ала-Бел тоолору жайгашкан.

Ысык-Көл ойдуңунун айыл чарбасынын өзгөчө бел-

гилери бар, ал белгилер ушул территориянын табигый туюктугу, бир кыйла бийиктиги жана кышында Ысык-Көлдүн тоңбогондугу менен мүнөздөлөт.

Ысык-Көл ойдуңунун климаты мээлүүн — жылуу келет, жээк тилкесинде ал деңиз климатына жакындап барат. Жайкысын анчалык ысык болбостон (июлдун орточо айлык температурасы 16—18°), кышкысын мелүүн суук болот, январдын орточо температурасы — 2 —11°. Көлдүн жээгиндеги вегетациялык мезгил 150 күндү, ал эми чыгыш жагында 135 күндү түзөт. Жылуу температуранын суммасы 1960—2400 градус. Орточо жылдык жаан-чачындын өлчөмү батыш бөлүгүндө 100—120 миллиметрге, орто бөлүгүндө 250—350 миллиметрге жана чыгыш бөлүгүндө 400—600 миллиметрге барабар.

Ысык-Көл провинциясында кыртыштын даана байкалган горизонталдык жана вертикалдык алкактуулугу мүнөздүү. Алардын биринчиси ойдуң бөлүгүндө батыштан чыгышка карай созулган.

Ысык-Көл ойдуңунун дыйканчылык зонасында боз-күрөң жана ачык-күрөң кыртыштар (батыш бөлүгүндө), ачык-күрөң жана кара топурактуу кыртыштар (чыгыш бөлүгүндө) таралган. Мында дыйканчылык сугатчылык шарттарында гана болушу мүмкүн. Бул кыртыштарда климаттык шарттар силостук дан, жүгөрүнү, картошка, жашылча, беде, эспарцет, мөмө-жемиш жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүүгө мүмкүндүк берет.

Ачык-күрөң жана кара-күрөң кыртыш зоналарында тоо этегиндеги зона рельефи анчалык ылайыктуу болбогондуктан багбанчылыкты жана жемиш өстүрүүчүлүктү жүргүзүүгө мүмкүн.

Ойдундун батыш бөлүгүндөгү зоналар негизинен мал жаюу жана чөп чабынды үчүн, кээде малга жем катары берилүүчү өсүмдүктөрдү кайракка эгүү үчүн пайдаланылат.

Бул зонадан жогору жерде тоо-токой кыртыштары, кара топурактуу тоо шалбалуу, шалба-талаалуу субалпийлик жана альпилик кыртыштар ээлейт. Улам жогору зонага көтөрүлгөн сайын аба-ырайынын катаалдыгы күчөй берет. Бул кыртыш негизинен ар түрдүү сезондо мал жаюу үчүн гана пайдаланылат.

Ысык-Көл ойдуңунда территориянын 90 процентин тоолор ээлейт. Ошондуктан айдоо жерлер мында аз.



Алар негизинен Ысык-Көлдүн жээгин бойлото кууш тилке менен созулуп олтуруп Батыштагы таштуу жерге такалат.

Айыл чарба жерлеринин структурасында жайыттар 86,7 процентти ээлейт. Ошондуктан айыл чарбасы басымдуу түрдө кой өстүрүүгө адистештирилген, ал Ысык-Көл өрөөнүнүн айыл чарбасынын бүткүл дүң продукциясынын 44 процентин берет. Мында республика боюнча жалпы мүйүздүү бодо малдын 15,8 проценти, койдун 20,0 проценти, чочконун 13,2 проценти жана жылкынын 17,8 проценти топтолгон. Ысык-Көлдүн колхоздору менен совхоздору дан өсүмдүктөрүнүн 19,2 процентин, картошканын 36,6 процентин, жашылчанын 7,8 процентин, эттин 11,7 процентин, сүттүн 39,7 процентин жана жүндүн 18,9 процентин өндүрөт.

Ысык-Көл ойдуңу — Чүй өрөөнү менен Ош областынан кийин Кыргызстан боюнча үчүнчү айыл чарба району болуп саналат.

Айыл чарба жерлеринин структурасы келечекте да басымдуу түрдө мал чарба тармактарын, негизинен кой чарбасын өнүктүрүүгө шарт түзөт. Дыйканчылыкта келечекте ири дан районунун жана республиканын маанилүү картошка базасынын маанисин сактап калтырууга шарт түзүлгөн.

Ысык-Көлдүн тегерегинде курорттук зонаны өнүктүрүүгө байланыштуу жылдан-жылга жашылчаларга, мөмө-жемиштерге, этке, сүткө жана башка продуктыларга болгон керектөөлөр өсүп жатат. Ошондуктан негизги тармактарды интенсификациялоо менен бирге жашылча сүт чарбаларынын кеңири өнүккөн тармагын, канаттуулар өстүрүүчү фермаларды, ири мөмө бактарын жана жемиш плантацияларын түзүүнүн проблемасын чечүү милдети турат.

Ички Тянь-Шань айыл чарба зонасы — типтүү бийик тоолуу мал чарба территориясы болуп саналат. Мунун өзү табигый экономикалык шарттар, өндүрүш күчтөрдүн жетишилген деңгээли жана калктын илгеркиден бери келе жаткан эмгек традицияларынан улам келип чыккан. Ички Тянь-Шань зонасы геоморфологиялык жагынан эң контрастуу, түндүк жагында тескей ала-тоо жана Талас кырка тоолору, Түштүк Батыш жагында Фергана кырка тоолору, түштүк-чыгыш жагында Как-шаал жана Торугарт тоолорунун ортосунда жайгашкан


ОШСКАЯ областная БИБЛИОТЕКА Инв. № 233646

бирдиктүү тоо системасы болуп саналат. Бул — бийик кырка тоолордун, сырттардын, анчалык чоң эмес тоолордун арасындагы ойдуңдардын зонасы. Административдик жактан буга Нарын областынын райондору кирет.

Ички Тянь-Шандын бардык бөлүктөрү үчүн кескин континенталдуу катаал жана кургакчылык аба-ырайы мүнөздүү келет. Ички Тянь-Шань кошумча провинциясынын кыртыштары тийиштүүлүгүнө карай тоо арасындагы ойдуңдарды, орточо бийик, бийик тоолуу өрөөндөрдү жана тоо жантаймаларын кучагына алат. Бул кошумча провинция вертикалдык алкактуулуктун структурасынын жана чарбалык пайдалануунун татаалдыгы менен айырмаланат.

Ички Тянь-Шандын дыйканчылык зонасындагы кыртыштар негизинен күрөң-боз топурактуу келип, көп жерлери шор топурактуу келет. Бул кыртыштар деңиз деңгээлинен 1400—2500 — метр бийиктикте жайгашкан. Натыйжалуу температуранын суммасы 1800—2700°, жылуу мезгил 85—180 күндүн чегинде болот. Атмосфералык жаан-чачындардын суммасы 200—300 миллиметр, алардын 100—150 миллиметри вегетациялык мезгилге туура келет.

Бул зонада дыйканчылык сугат шарттарында гана мүмкүн. Кургакчылыкка байланыштуу кайрак дыйканчылыгы өтө эле чектелген. Мындагы климаттык шарттар бир жылдык чөптөрдү, жаздык буудайды, арпаны, тоют өсүмдүктөрүн, бедени, эспарцетти, картошканы, ал эми кээ бир жерлерде мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн да өстүрүүгө мүмкүндүк берет.

Тоолордун жантаймалары күзгү-жазгы жайыттар катарында пайдаланылат. Деңиз деңгээлинен 2800—3000 метр бийиктиктеги территорияда көп сандаган бийик тоолуу өрөөндөр жана сырттар жайгашкан. Бийик тоолуу өрөөндөрдүн жана сырттардын кыртыштары тоолуу шалбаа топурактуу келип мал жаюуга ыңгайлуу болот. Бул алкактар кескин континенталдуу суук климаты менен мүнөздөлөт. Жылуу мезгили узакка созулбайт. Чарбалык жагынан алыскы жайлоо катарында пайдаланылат. Тоо жантаймалары ар түрдүү сезондо мал жаюуга пайдаланылып чөп чабынды катарында колдонулат, анын бир кыйла аянты токой массивдери менен капталган.



Нарын областы 5002,0 миң гектар аянтты ээлейт, мунун өзү республиканын жалпы жер аянтынын 25 процентин түзөт. Айыл чарба жерлеринин салыштырма үлүшү бир канча төмөн келип 9,1 процентти түзөт.

Нарын областынын райондору республиканын айыл чарба өндүрүшүндө белгилүү орунду ээлейт. Айыл чарба жерлеринин структурасында жайыттар зор салыштырма үлүшкө ээ болуп, 97,7 процентти же болбосо республиканын жайыттык жерлеринин жалпы аянтынын 30,1 процентин ээлейт, мунун өзү мал чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмүнө шарт түзөт.

Азыркы убакта областтын райондорунда республикадагы кой-эчкилердин 23,5 проценти, мүйүздүү бодо малдын 10 проценти жана жылкылардын 25,7 проценти багылат. Тянь-Шандын колхоздору менен совхоздору республиканын айыл чарбасынын бүткүл дүң продукциясынын 10,7 процентин өндүрөт. Анын ичинен 2,9 проценти талаачылыкка, 19,4 проценти мал чарбасына таандык товардык продукциянын үлүшүнө 10, 2 процент туура келет.

Мал чарбасында кой өстүрүү алдыңкы орунду ээлейт. Ага мал чарба зонасынын дүң продукциясынын 28,3 проценти, жылкынын 13,6 проценти жана мүйүздүү бодо малдын 6,1 проценти туура келет.

Мында дыйканчылык бир кыйла начар өнүккөн, бул жерде көбүнчө дан өсүмдүктөрүн өстүрүүгө болот, алар жем максатында жана калктын ички керектөөлөрү үчүн пайдаланылат.

Айдоолордун салыштырма үлүшү 9,5 процент, алардын арасынан сугат жерлер 12 процент.

Нарын областынын айыл чарбасы алдында тоолуу шартына байланыштуу өзгөчө проблемалар турат. Алар айдоо жерлерин жана жайыттарды жакшыртуу, тоют базасын чыңдоо болуп саналат.

Айдоо жерлери негизинен өрөөндүү аймактарда жайгашкан. Кочкор, Жумгал өрөөндөрүндө жана Нарын ойдуңунда ири айдоо массивдери жайгашкан. Алар менен бирге майда-майда бытыранды айдоо массивдери да бар. Суу жагынан өксүү болуу көп байкалат, мунун натыйжасында айдоолордун кээ бир участоктору көп учурларда пайдаланылбай калат.

3*

Айдоо жерлерин натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу үчүн жогорку агротехниканы, эрозияга каршы жана мелиорациялык чараларды, тегиздөөнү жүргүзүү жана котороштуруп айдоолорду, жогорку түшүмдүү райондоштурулган сортторду эгүүнү киргизүү зарыл.

## Айыл чарба өндүрүшүндө республиканын орду.

Кыргызстан тоолуу өлкө болгондуктан өзүнүн табигый экономикалык шарттары, айыл чарба жерлеринин структурасы жана айыл чарбасынын дүң продукциясы боюнча, ошондой эле эмгекти коомдук бөлүштүрүүдө калктын традициялары боюнча мал чарба республикасы катарында аныкталды.

Азыркы убакта республикада Советтер Союзундагы бүткүл мүйүздүү бодо малдын 0,9 проценти, кой-эчкилердин 6,8 проценти багылат, ал эми Орто Азия республикаларынын арасында тийиштүүлүгүнө карай 17,4 жана 40,3 процентти түзөт.

Кыргызстан союзубуздун жалпы аянтынын болжол менен 0,9 процентин ээлейт. Айыл чарба жерлеринин салыштырма үлүшү бир канча жогору келип 1,7 процентке чейин жетет. (Кыргызстан боюнча 9,6 млн. гектар жана СССРде 608,1 млн гектар). Айрым жерлердин катышы бирдей эмес. Мисалы республиканын айдоо аянты союздун айдоо аянтынын 0,6 процентин гана жана Орто Азиянын 20,8 процентин түзөт, жайыттар тийиштүүлүгүнө карай 2,9 жана 13,0 процентти, сугат жерлер 8,4 жана 18,7 процентти ээлейт, башкача айтканда, кийинки маалыматтарга караганда ал бешинчи жана экинчи орунда турат. Республикабыз айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча белгилүү орунду ээлейт. (1-таблица).

Кыргызстандын үлүшүндө айыл чарбасынын дүң продукциясынын 1 проценти туура келгендиги, мунун ичинде дыйканчылык продукциясынын салыштырма үлүшү 0,9 процентти, мал чарбасыныкы 1,2 процентти жана Орто Азияда тийиштүүлүгүнө карай 16,0 жана 10, 9, 27,0 процентти түзгөндүгү таблицадан көрүнүп турат.



*1-таблица*

**Айыл чарбасынын дүң продукциясы (чарбалардын бардык категорияларында 1965-жылдагы салыштырма бааларда, млн. сом менен)[1]**

| | Айыл чарбасынын дүң продукциясы, бардыгы | | Мунун ичинде продукция | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | дыйканчылык | | мал чарба | |
| | 1965-ж. | 1970-ж. | 1965-ж. | 1970-ж | 1965-ж. | 1970-ж |
| СССР | 70867 | 86992 | 34800 | 44130 | 36067 | 12862 |
| Өзбек ССРи | 2834 | 3574 | 2169 | 2722 | 665 | 852 |
| Кыргыз ССРи | 741 | 911 | 335 | 435 | 406 | 476 |
| Тажик ССРи | 622 | 770 | 461 | 569 | 161 | 201 |
| Түркмөн ССРи | 353 | 445 | 194 | 254 | 159 | 191 |

Жердин тоолуу келиши жана айыл чарба жерлеринин структурасы республиканын айыл чарбасынын негизги багытын — мал чарбачылыгын аныктады. Мында жайыттар 83,0 процентти ээлейт. Жайыттардын жана чөп чабындыларынын өлчөмдөрү жүн өндүрүүдө, эт менен сүт өндүрүүдө белгилүү ролду ойнойт.

Ушуну менен бирге Кыргызстан өнүккөн дыйканчылык республика болуп да саналат, ал союз боюнча жалпы өндүрүлгөн дандын 0,6 процентин, пахтанын 2,7 процентин жана кант кызылчасынын 2,1 процентин, ал эми Орто Азия боюнча тийиштүүлүгүнө карай 44,0, 2,9 жана 100 процентти өндүрөт.

Айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасы жана экономикалык күч-кубаты чыңдалды. 1970-жылы бүтүндөй алганда республика боюнча калктын ар бир адамына орто эсеп менен айыл чарбасы үчүн негизги фондулардын наркынын 298 сому туура келген, 308 сомдук айыл чарба продукциясы (1965-жылдагы салыштырма баалар менен), мунун ичинде дыйканчылык боюнча

СССРдин эл чарбасы. 1970-жылда.

147 сомдук жана мал чарбасы боюнча 161 сомдук продукция өндүрүлгөн.

Азыркы убакта ар бир колхоз менен совхозго орто эсеп менен айыл чарбасы үчүн негизги фондулардын наркынын 2,5 миллион сому туура келет. Анын жалпы энергетикалык кубаты 9370 аттын күчүнө, ал эми трактор паркынын жалпы күч кубаты 1726 аттын күчүнө барабар.

Дыйканчылык жерлерин пайдалануунун өлчөмдөрү кеңейтилди. Ар бир колхоз менен совхоздо орто эсеп менен 28 миң гектарга жакын айыл чарба жери жана 3692 гектар айдоо аянты бар. Ал бир миң гектар айдоого 32 трактор, жүз гектар дан өсүмдүктөрүнө (жүгөрүнү эсептебегенде) —6,2 комбайн туура келет.

## АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ЖАНА ЖЕРДИ ПАЙДАЛАНУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ӨНҮКТҮРҮҮ.

### Жер — айыл чарба өндүрүшүнүн негизги каражаты.

Башка табигый ресурстардын арасында жер элдин бардык байлыктарынын негизги булагы жана материалдык жыргалчылыкты өндүрүүнүн негизи болуп саналат.

Белгилүү болгондой, жер айыл чарбасындагы өндүрүштүн негизги каражаттарынын бири, адам баласы тарабынан түзүлүп жаткан материалдык байлыктын негизги булактарынын бири болуп эсептелет. «Жер — деп айткан Маркс — эмгектин каражатын да, эмгектин материалдарын да, калк үчүн жайларды да алып келүүчү улуу лаборатория, арсенал, коллективдин базиси болот».[1]

Биздин республикабыздын жер байлыгында айыл чарба продукциясын өндүрүүнү көбөйтүүнүн, өндүргүч күчтөрдү өстүрүүнүн жана өлкөбүздүн экономикалык күч кубатын чыңдоонун түгөнгүс мүмкүнчүлүктөрү дымып жатат. Ар бир колхоз менен совхоздун экономикасын өнүктүрүү жана жогорулатуу негизинен жер канчалык интенсивдүү жана натыйжалуу пайдаланыла тургандыгына байланыштуу.

[1] *К. Маркс.* Капиталисттик өндүрүштөн мурдагы формалар. Госполитиздат, 1940, 5—6-беттер.



Бирок жерди пайдалануу көптөгөн табигый, тарыхый, техникалык жана башка шарттарга жараша болот. Мында бардык учурларда социалдык, экономикалык шарттарга чечүүчү роль таандык. Эң негизгиси жер кимге таандык, анын ээси ким деген суроо болуп саналат.

Капиталисттик дүйнөдө жер помещиктер менен капиталисттердин менчиги, миллиондогон эмгекчи массаларды ырайымсыздык менен эксплуатациялоону жана талап тоноонун негизги каражаты болуп саналат. Ал эми капиталисттер — жерлерди арендага берүүчүлөр жерлердин асылдуулугун жакшыртууга жана жогорулатууга таламдаш эмес.

Революцияга чейинки Россияда жер маселеси эмгекчилердин кеңири массалык иши барып турган эң негизги маселе болгон, бул маселени чечүүгө жумушчу табынын жана дыйканчылыктын келечеги байланыштуу эле.

Улуу Октябрь Социалисттик революциясы жеңгенден кийин экинчи күнү В. И. Ленин Советтердин II съезди тарабынан кабыл алынган «Жер жөнүндөгү декретке» кол койду. Бул декретке ылайык помещиктердин жерге болгон менчиги эч кандай законсуз эле жокко чыгарылды. 1917-жылы 22-декабрда Түркстан крайынын Эл Комиссарлар Совети шаарларда, райондордо жерди ар кандай сатууга, сатып алууга жана арендага берүүгө тыюу салуу жөнүндө приказ чыгарган. (Ошол кезде Кыргызстан бул крайдын карамагында эле).

1918-жылы мартта Түркстандын территориясындагы бардык ирригациялык курулуштарды дыйканчылык эл комиссариатынын карамагына өткөрүп берүү жөнүндө атайын декрет басып чыгарылган, ошондой эле ири мал ээлөөчүлөрдөн алардын малы тартылып алынды. Бул чаралар жерлерди жана сууну социализациялоонун негизин баштап, адам баласынын тарыхында биринчи жолу эл өз өлкөсүнүн кожоюну болду, ошентип элеттеги элдердин да эңсеген ою турмушка ашырылды.

Түркстан АССРинин Советтеринин IX крайлык съездинин чечими Кыргызстандагы агрардык маселени чечүүдө маанилүү ролду ойноду. Ал жер-суу реформасы

жөнүндө негизги Жобону иштеп чыккан, бул реформа негизинен Кыргызстандын Түндүгүндө 1922-жылдын күз мезгилинде жана түштүгүндө 1928-жылы аякталды.

Жер-суу реформасы жана агрардык маселенин дагы башка чаралары Кыргызстанда айыл чарбасын социалисттик кайра түзүүнү — кооперациялоонун Лениндик планын жана анын эң жогорку формасы — колхозду ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп берди.

Жерге болгон жеке менчик укугу биротоло жокко чыгарылып аны мамлекетке өткөрүп берүү аяктады. Жерди жалпы элдик жана мамлекеттик менчикке айландыруу элеттеги элдердин айыл чарбасын социалисттик кайра түзүүнүн эң маанилүү өбөлгөлөрүнүн бири болуп коомдо жерди туура бөлүштүрүү, жер-суу ресурстарын план ченемдүү жана рационалдуу пайдалануу, жердин маданиятын жогорулатуу үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди.

Совет бийлигинин жылдары ичинде республикада айдоо аянттарынын структурасы түп-тамырынан бери өзгөрүп, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмү көбөйдү. Өзгөчө техникалык тоюттук өсүмдүктөрдүн, картошканын жана жашылча-бакча өсүмдүктөрүнүн салыштырма үлүшү көбөйдү.

Өндүрүштүн ири социалисттик жолунун мурда болуп көрбөгөн артыкчылыгы социалисттик курулуштун бүткүл жүрүшү менен ырасталды.

Эркин адамдардын эмгеги салтанат курган Совет өлкөсүндө жерге жана ар кандай эксплуатациялоонун негизи болгон бардык өндүрүш куралдарына жеке менчиктин үстөмдүк кылышы жоюлду. Илим менен техниканы өнүктүрүүнүн, жер ресурстарынын интенсивдүү пайдалануунун кеңири перспективасы ачылды.

Марксизмдин — ленинизмдин негиздөөчүлөрү жерге зор маани берип, коомдук өндүрүштө анын ролу жөнүндө айтып беришкен. «Жер айыл чарбасында өндүрүштүн негизги куралы экендиги шексиз деп жазган В. И. Ленин.[1]

Жер адамдардын эркине жана аң-сезимине байланыштуу болбой эле пайда болгон, ал адам коомунун таасирсиз, жалпы эмгек шарты жана эмгек предмети катарында келип чыккан. Ошондуктан жер эмгек про-

---

[1] *В. И. Ленин.* Чыгармалар 19-т. 327-бет.



цессин ишке ашыруу үчүн зарыл шарт, ар түрдүү өндүрүштү ишке ашыруунун негизги материалдык шарты болуп саналат. Мына ошентип жер өндүрүш куралы катарында айыл чарбасында, өнөр жайда, транспортто жана адамдын иш аракетинин бардык тармактарында пайдаланылат.

Айыл чарбасында жана башка өндүрүш тармактарында жердин ролу бирдей эмес. Ал мисалы өнөр жайда, транспортто жана курулушта эмгек процесси жүргүзүлүүчү фундамент жана орун катарында, мейкиндик операциялык базис катарында пайдаланылат. Бул учурда, өндүрүш процесси табигый шарттарга жана кыртыштын асылдуулугунун мүнөзүнө карабастан жүрүп турат.

Айыл чарбасында жердин мааниси таптакыр башкача, мында ал өндүрүштүн материалдык шарты катарында жана активдүү фактор катарында колдонулат. Мында өндүрүш процесси түздөн-түз жерге, кыртыштын асылдуулугуна, табигый-биологиялык процесстерге байланышкан.

Жер өндүрүштүн оригиналдуу каражаты болгондуктан өндүрүштүн башка каражаттарынан бир катар спецификалык өзгөчөлүктөр менен айырмаланат.

1. Жерден башка өндүрүштүн бардык каражаттары адам эмгегинин мурдакы натыйжасы болуп саналат. Ошол эле кезде жер жаратылыштын өзүнүн продуктусу болуп, эмгектен мурда келип чыккан. Ал жаратылыштын эң сонун белеги катарында эмгектин материалдык негизи жана биринчи өбөлгөсү болуп саналат.

2. Жер мейкиндик жагынан жер шары менен чектелген. Ошондуктан аны кандайдыр бир башка өндүрүш каражаты менен алмаштырууга мүмкүн эмес.

3. Жерди пайдалануу орундун туруктуулугуна байланыштуу, ал өндүрүштүн түбөлүктүү жана алмаштырылгыс куралы болуп саналат. Мунун аркысында аны бир жерден экинчи жерге көчүрүү практика жүзүндө мүмкүн эмес.

4. Бардык өндүрүш куралдары пайдалануу процессинде эскирип, өзүнүн пайдалуу касиеттерин азайта баштайт да акыр аягында өндүрүш чөйрөсүнөн таптакыр чыгып калат. Ал эми жер болсо — өндүрүштүн түбөлүктүү куралы болот да аны билгичтик менен пайдаланганда анын асылдуулугу дайыма жогорулай берет. Буга байланыштуу К. Маркстын айткан сөзүн эскерип

кетүү керек. «Өндүргүч күчтөр тездик менен өнүккөндө бардык эски машиналар бир кыйла пайдалуу машиналар менен алмаштырылууга тийиш, башкача айтканда, таптакыр чыгарылып салынууга тийиш, ал эми жер болсо тескерисинче туура мамиле кылганда тынымсыз жакшыра берет.»[1] Мунун өзү барып турган эң баалуу касиет, мындай касиет эч кандай башка өндүрүш куралында болбойт.

5. Жер өндүргүч күчтөр жана өндүрүштүк мамилелер менен тыгыз байланышкан. Мында жерди рационалдуу пайдалануу жумушчу күчүнө, техникалык жана акча ресурстарына ылайык келүүгө тийиш.

Дыйканчылыкта өндүрүш процесси табигый экономикалык шарттардын болушуна байланыштуу, алардын болушу кыртыштын экономикалык асылдуулугунун өлчөмүн аныктайт.

Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн азыркы этабында дыйкандардын негизги милдети: жердин мүмкүнчүлүктөрүн илимий техникалык прогрессти өстүрүүнүн негизинде эң толук пайдалануу, кыртыштын экономикалык асылдуулугун бардык чаралар менен жогорулатуу болуп саналат.

Жердин асылдуулугу кыртыштын негизги касиети, анын сапаттык белгиси болуп саналат. Кыртыш жана анын асылдуулугу жөнүндө түшүнүк ажырагыс байланышкан. Асылдуулук-кыртыштын объективдүү касиети, ал аны түшүмсүз тоо тектеринен ажыратып турат.

Кыртыштын асылдуулугу жөнүндө жер рентасы жөнүндөгү маселени иштеп чыгууга байланыштуу түшүмдүүлүктүн проблемасын анализдегенде Маркс тарабынан илимий жактан туура түшүнүк берилген. Жердин асылдуулугу кыртыштын табигый касиеттери менен да, аны иштетүүнүн жолу менен да аныкталат. Бул жолдор адам коомунун өнүгүшүнүн ар түрдүү тепкичтеринде өзгөрүп турат. Ошондуктан Маркс кыртыштын асылдуулугун алгачкы, табигый жана жасалма асылдуулук, потенциалдуу жана чыныгы асылдуулук же болбосо натыйжалуу жана экономикалык асылдуулук деп бөлгөн. Капиталисттик өлкөлөрдүн экономисттери, географтары, жана кыртыш изилдөөчүлөр кыртыштын асылдуулугу жөнүндөгү түшүнүктү таптакыр бурмалап көрсөтүшөт.

[1] *К. Маркс.* Капитал, 1-т., 1955, 794-бет.



Капитализмдин өнүгүшү башкаруучу таптын укмуштуудай байышына жана кеңири эмгекчи массаларынын адам чыдагыс жакырданышына алып келген. Мындан бир жарым кылым мурда ошол кездеги эң өнүккөн капиталисттик өлкө — Англиянын башкаруучу таптары француздук революциядан укмуштай үрөйү учкан болучу. Ошол кездеги түзүлүштүн абалын актоого аракеттенип буржуазиялык саясатчыларга англиялык поп Мальтус жардамга келген. Ал капитализм дуушар болгон кыйынчылыктарга оңой эле жөнөкөй гана түшүнүк берген. Ал калктын жайгашуусунун «биологиялык закону» ойлоп чыгарып, ага ылайык калктын өсүшү геометриялык прогресс боюнча жүрүп отурат имиш. Ал эми жашоо каражаттары арифметикалык прогрессия боюнча гана көбөйөт имиш деп ишендирмекчи болгон. Буга байланыштуу күн көрүү каражаттарынын көбөйүшү калктын өсүшүнөн артта калат имиш. Ошондуктан анын пикири боюнча, элдин өзү өздөрүнүн азап-тозокторунун негизги күнөкөрлөрү болуп саналат имиш деген. Мальтус калктын өсүшүн токтотуп, бул үчүн никеден баш тартуу керек деп айткан.

Мальтузянство адам коомунун өнүгүү тарыхынын бүткүл жүрүшү менен четке кагылды. Ошого карабастан XX кылымдын башында ал неомальтузянство түрүндө кайрадан чыга калган.

Кыртыштын асылдуулугунун начарлап бараткандыгы жөнүндө Мальтустун чуулгандуу «Закону» дал ушунун өзү менен пролетариаттын революциячыл күрөшүн ар кандай жолдор менен токтотмокчу болгон. Элдик массалардын кырсыгы үчүн күнөөнү эмгекчилердин өздөрүнө оодара салган Мальтустун «теориясы» албетте башкаруучу чөйрөлөргө өтө пайдалуу болгон. Ошондуктан алар тарабынан бул «теория» колдоого алынып келген.

Мальтустун адамды жек көрүүчүлүк концепцияларына каршы прогрессивдүү окумуштуулардын айыгышкан күрөшү бир жарым кылымдан ашык убакыттан бери жүрүп келе жатат. Марксизмдин-ленинизмдин негиз салуучулары Мальтустун мыкаачылык теориясын эң катуу сынга дуушар кылып, адамзатты тамак-аш менен камсыз кылуудагы кандайдыр бир чектин болушун четке каккан.

Россияда Мальтузиянствого каршы Н. Г. Чернышевский, Д. И. Менделеев, К. А. Тимирязев, И. И. Мечни-

ков, Д. И. Прянишников жана башка алдыңкы адамдар ыраттуулук менен күрөш жүргүзүп, дыйканчылыкта илимди жана техниканы өнүктүрүү аркасында калктын тамактануусу үчүн каражаттарды өндүрүүнүн эбегейсиз зор ресурстарынын мүмкүнчүлүгүн далилдешти.

Мальтустун «кыртыштын түгөнүп бара жаткан асылдуулугунун законунун» толук ишенимсиздигин В. И. Ленин далилдеген. Булгаковдун агрардык «теориясын» карап чыгып В. И. Ленин «Мына ушул өтө ишенимсиз закон техника өзгөрүлбөгөн бойдон калган учурда гана мааниге ээ боло тургандыгын» айткан.[1]

Мына ошентип мальтузянство адам баласынын коомунун өнүгүү тарыхынын бүткүл жүрүшү менен четке кагылды. Ошондой болсо да XX кылымдын башында ал согушту жана эпидемияларды болтуртпай коюуга каршы курал катарында пропагандалоочу неомальтузиянство түрүндө кайрадан чыга калды.

Неомальтузяндык жана расистик мыкаачы теория «Англиялык америкалык блоктун өлкөлөрүндө жана өзгөчө АКШда кеңири тараган. Азыркы буржуазиялык экономисттер, географтар, геологдор жана кыртыш изилдөөчүлөр саясий майданга Мальтустун чириген жоболорун кайра-кайра сүйрөп чыгышып аны жаңы маалыматтар менен толтурууга аракеттенишет.

Азыркы буржуазиялык апологеттер эмгекчи таптар жана колониялдык өлкөлөрдүн калкы үчүн жогорку өлүм-житимди, никесиздикти жана бала төрөбөгөндүктү жактап гана тим болбостон ошону менен бирге ар кандай жолдор менен жер шарында адамдардын санын түздөн-түз төмөндөтүп, согушка жана ачкачылыкка дем берүүгө аракеттенишет.

Мына ушул чуулгандуу концепцияны ырастоо үчүн типтүү жана бир кыйла жаңы фактыны — америкалык окумуштуу Ричард Холлдун интервьюсун мисалга келтирүү мүнөздүү. Ал өзүнүн интервьюсунда жер шарынын калкынын өсүшүнө байланыштуу ачкачылыктын коркунучу жылып келе жатат имиш деп далилдемекчи болот, мында ал Азиянын, Африканын жана Латын Америкасынын өлкөлөрүндө өзгөчө орчундуу абал түзүлүп жатат дейт.

---

[1] *В. И. Ленин.* «Агрардык маселе» жана «Критика Маркса» чыгармалар. 5-т, 101—102 жана 104-беттер.



1975-жылы Р. Холлдун маалыматтарына караганда тамак-аш продукцияларынын жетишсиздиги 44 миллион метрикалык тоннаны түзөт. Эгер бул тенденция сакталып калчу болсо анда 1985-жылда азык-түлүктүн дефицити 88 миллион метрикалык тоннага чейин көбөймөкчү. «Ачкалыктын катастрофасынын» проблемасын чечүүдө Р. Холл: «адамдардын өлүмүн контролдоого» алгандан көрө «Балдардын төрөлүшүн контролдукка алуу керек» деген теорияны күчөтүүнү талап кылган.

Буржуазиялык окумуштуулар бул проблеманын социалдык экономикалык аспектилерин карап чыгуудан баш тартышып, жакын арадагы келечекте «Азык-түлүктүк кризисти» жеңип чыгуунун мүмкүнчүлүгүн пессимисттик түрдө баалашат. Алар ачкачылык проблемасынын келип чыгышынын социалдык себептерине атайы эле көңүл бурбай коюшат.

Советтик окумуштуу — кыртыш изилдөөчүлөр жер шарында айыл чарбасы үчүн жарактуу 10,5 миллиард гектар жердин азыркы убакытта дыйканчылык үчүн бир миллиард гектары гана, башкача айтканда, 10 проценттен азы пайдаланылып жаткандыгын далилдешти.

Жер ресурстарынын зор резервдери биздин республикада да орун алган. А. М. Мамытовдун[1] маалыматтарына караганда Кыргызстандын территориясында айдоого жарактуу жерлер 1500 миң гектарга жакын аянтты түзөт. Айдоо аянттарын кеңейтүүнүн мындан ары мүмкүнчүлүктөрү ушуну менен гана чектелбейт. Айдоо аянттарын көбөйтүү үчүн жер ресурстарынын али да болсо зор резервдери бар. Бул резервдер көптөн бери айдалбаган жерлерди, таштуу участокторду өздөштүрүүнүн, саздак, шортоң жерлерди түп-тамырынан бери мелиорациялоонун эсебинен өздөштүрүлүүгө тийиш.

Продукцияны көбөйтүүнүн дагы башка негизги жолу бар. Илим менен техниканы прогрессивдүү өнүктүрүү дыйканчылык менен мал чарбасынын системасын интенсивдүү жүргүзүү, эң өркүндөтүлгөн агротехниканы колдонуу эмгек өндүрүмдүүлүгүн кыйшаюусуз өстүрүү, продуктуулукту улам жогорулатуу үчүн шарттарды түзөт. Мисалы, кийинки он жылдыкта республикада айыл чарбасынын дүң продукциясын өндүрүүнүн өсүшү 55,2

---

[1] *А. М. Мамытов.* Кыргызстанда жерлерди рационалдуу пайдалануу, Фрунзе, 1965-жыл.

процентти, мунун ичинде дыйканчылыкта 56,4 жана мал чарбасында 54,8 процентти түзгөн. Ушул эле мезгилдин ичинде калктын өсүшү 37,6 процентти түзгөн. Бул демек айыл чарба продукциясын өндүрүү калктын өсүшүнө караганда ылдам темптер менен көбөйөт дегендикке жатат. Мына ошентип калктын өтө көбөйүп кетиши жөнүндөгү «теорияны» жана тамак аш продуктыларынын азайып бараткандыгы жөнүндөгү тенденцияны четке кагуучу көп сандаган фактыларды келтирүүгө болот. Жерди акыл-эстүүлүк менен пайдаланганда бир эле аянттагы участокко кошумча жумшалган эмгек каражаттар улам барган сайын зор натыйжаны берип бир эле аянттан продукциянын чыгышы улам көбөйө тургандыгын алдыңкы колхоздор менен совхоздордун кеңири практикасы жана тажрыйбасы көрсөттү.

**Жер фондусу жана анын айыл чарбасында пайдаланылышы.**

Биздин республикабыздын эбегейсиз зор жер байлыктары бар, бул байлыктар негизги экономикалык милдеттерди чечүүдө — коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдө өзгөчө зор мааниге ээ болот.

1971—1975-жылдарда СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн беш жылдык планы боюнча КПССтин XXIV съездинин Директиваларында жер ресурстарына этияттык менен мамиле кылуу керек деп айтылган.

Жер айыл чарбасында негизги өндүрүш каражаты болгондуктан айыл чарба продуктыларын: данды, этти, сүттү, жүндү жана башка продуктыларды өндүрүү үчүн биринчи кезектеги мааниге ээ болот. Ошондуктан республиканын жер ресурстарынын абалын анализдөө жана аларды пайдаланууну мындан ары жакшыртуу жолун белгилөө эң маанилүү. Жер фондусунун структурасы 2-таблицанын маалыматтары менен мүнөздөлөт.

Жердин тоолуу келиши жана кыртыштык-климаттык факторлор айыл чарба жерлеринин составына өзгөчө бул жерлердин структурасына зор даражада таасирин тийгизет.

Кыргызстанда Борбордук Тянь-Шандын ак карлуу бийик кырка тоолорунун болушу, жыланач тике тоо



*2-таблица*

**1970-жылдын абалы боюнча Кыргыз ССРинин жер фондусунун составы (бардык категориялардагы жерлер)**

| | Аянт, миң га | Процент |
|---|---|---|
| Айдоолор | 1236,7 | 6,3 |
| мунун ичинде сугат жерлер | 763,7 | 3,9 |
| Көптөн бери айдалбаган жерлер | 109,0 | 0,6 |
| Чөп чабындылар | 240,9 | 1,2 |
| Жайыттар | 8695,4 | 43,3 |
| Көп жылдык өсүмдүктөр | 49,9 | 0,2 |
| Айыл чарба жерлери бардыгы | 10326,2 | 52,6 |
| Короо алдындагы жерлер | 77,6 | 0,4 |
| Токойлор жана бадалдар | 1995,9 | 5,6 |
| Башка жерлер | 8144,4 | 41,4 |
| Бардык категориядагы жерлер | 19644,8 | 100,0 |

жантаймалары, таштуу жерлер жана башка факторлор жерлерди айыл чарбасында пайдалануу үчүн жараксыз болушуна шарт түзөт.

Мындай жерлердин болушуна байланыштуу жер фондусунун составында жайыттар зор салыштырма үлүшкө ээ болот (43,3%). Айдоо аянты 6,3 процентин түзөт жана ар бир адамга эсептегенде орточо союздук 1 ганын ордуна 0,47 гектар туура келет.

Кыргыз ССРинде 1958-жылда бардык жерлердин 52,7 проценти колхоздорго жана 12,5 проценти совхоздор менен көмөкчү чарбаларга таандык болгон. Калган жерлер мамлекеттик жер фондусу — 23,2процентти, токой фондусу — 7,9 процентти жана шаарлардын, өнөр жайдын, транспорттун жана башка чарбалык эмес пайдалануучулардын жерлери — 3,7 процентти түзөт.

Кийинки он жылдыктарда колхоздор жана мамлекеттик чарбалар тарабынан пайдаланылуучу айыл чарбасы үчүн болгон жерлердин аянты көбөйгөндүгүн белгилеп

кетүү маанилүү, алардын үлүшүнө жерлердин жалпы аянтынын 75,5 проценти жана айыл чарба жерлеринин 93,7 проценти туура келет.

Жаңы совхоздорду уюштуруунун жана мурдакыларын чыңдоонун натыйжасында совхоздордун жер фондусу эки эсе дээрлик көбөйүп, 22,4 процентти түзөт.

Жер фондусу эл чарбасында ар кандай максатта пайдаланыла тургандыгы белгилүү. Пайдаланылуучу жерлер өлкөнүн бирдиктүү жер фондусунун бардык жерлерин кучагына алат: айыл чарбалык, токой бадалдар, көлчүктөр, дарыялар, дагы башка жерлер. Айыл чарба жерлер болсо айыл чарба өндүрүшүндө өзгөчө зор мааниге ээ болгон жер фондусунун бөлүгү болуп саналат.

Айыл чарба жерлеринин структурасы жайыттардын жогорку салыштырма үлүшү менен мүнөздөлөт (84,3 процент). Мындай абал территориянын географиялык абалы жана кыртыштык-климаттык факторлору менен түшүндүрүлөт. Эң баалуу айдоо жерлер 13,3 процентти ээлейт. Айыл чарба жерлеринин структурасынын динамикасында айдоолордун салыштырма салмагы 1970-жылы 1940-жылга салыштырганда азайгандыгына карабастан алардын аянтынын 4,4 процентке кеңейгендигин, ал эми жайыттардын салыштырма салмагы 67,5 проценттен 82,6 процентке көбөйгөндүгүн белгилеп кетүү керек. Чөп чабындылардын салыштырма салмагы бир кыйла (6,1 проценттен 2,5 процентке чейин) кыскарган. Мунун өзү жерлердин бир бөлүгүн айдоолор үчүн өздөштүрүү жана жайыттарга айландыруу менен түшүндүрүлөт.

Кыргызстандын территориясында бардык айыл чарба жерлери ар түрдүү климаттык-табигый шарттарга байланыштуу болуп, айыл чарбасында ар түрдүүчө пайдаланылат. Мисалы, айдоолордун жана көптөн бери айдалбай жаткан жерлердин бардык аянттары дыйканчылык зонасында — тоо арасындагы өрөөндөрдө жана тоо этектеринде, болжол менен деңиз деңгээлинен 2000—2400 метр бийиктикте жайгашкан. Республиканын негизги дыйканчылык зонасы атмосфералык жаанчачындардын жетишсиздиги менен мүнөздөлөт, ошондуктан туруктуу сугарууну талап кылат.

Жайыттардын бир кыйла бөлүгү республиканын өрөөндүн зоналарында да жайгашкан. Бул жайыттардын жана көптөн бери айдалбай жаткан жерлердин бир бөлүгүн өзүнүн рельефтик жана кыртыштык шарттары боюнча сугатчылыкты өнүктүрүү үчүн резерв болуп, айдоолор үчүн же токой тигүү үчүн пайдаланылышы мүмкүн, бирок аларды сөзсүз туруктуу түрдө сугаруу жана мелиоративдик жактан жакшыртып туруу керек. Жаратылыштын ар кандай катаалдыгына баш ийбеген айдоо жерлер, өзгөчө сугат жерлер, жер аянтынын бирдигинен эң зор санда продукция бере турган эң асыл жер болуп саналат.



Сугат жерлерден алынуучу дүң продукциянын наркы дыйканчылыктын продукциясынын жалпы наркынын 90 процентин түзөт. Сугат айдоолорунун ар гектарынан алынуучу продукциянын наркы Чүй өрөөнүндөгү кайрак жерлерден алынган продукциянын наркынан 2—3 эсе жана Ош областындагы жерлерден алынуучу продукциянын наркынан 3—4 эсе жогору турат. Ошондуктан Кыргызстандын шарттарында айыл чарбасын жогорулатуунун факторлорунун бири дыйканчылыкты, өзгөчө сугат дыйканчылыгын мындан ары да өнүктүрүү болуп саналат.

Республиканын айыл чарбасында сугат жерлерди пайдалануу жөнүндө төмөндөгү маалыматтар боюнча айтууга болот.

Айыл чарбасында сугат жерлердин жалпы аянтынан 1965-жылы 95,7 проценти, ал эми 1969-жылы 99,7 проценти пайдаланылган, мунун өзү бир кыйла жакшы.

Бир катар суу чарба объектилерин пайдаланууга киргизүүнүн натыйжасында сугат жерлердин суу менен камсыз болушу жогорулады. Эгер 1965-жылы сугат жерлердин салыштырма салмагы 94,2 процентти түзгөн болсо, анда 1969-жылы пайдаланылуучу сугат жерлердин аянтынын 99,7 процентин түзгөн.

1965-жылы республика боюнча бардыгы болуп 21786 гектар сугат жерлер пайдаланылган эмес. Алардын арасынан шортоң жана саздак болгондуктан 292 гектар, сугат тармагынын түзүк абалда болбогондугунан 4132 гектар, жана дагы башка уюштуруучулук-чарбалык себептер боюнча 11585 гектар жер аянты пайдаланылбаган.

Пайдаланылбаган сугат жерлердин жарымынан көбүрөөгү Нарын областынын чарбаларына туура келет. Мисалы, Чүй өрөөнүндөгү чарбалар 3153 гектар, Ош

5—4760

областында — 5144 гектар сугат жерлер пайдаланылбаган болсо, Нарын областынын чарбалары 12323 гектар сугат жерлерин пайдаланган эмес.

Сегизинчи беш жылдыктын мезгилинде. «Биздин өлкөдө мелиорацияны кеңири өнүктүрүү» жөнүндө КПСС БКнын 1966-жылдагы Май пленумунун чечимдерин турмушка ийгиликтүү ашыруунун натыйжасында жер ресурстарын рационалдуу пайдаланууда айыл чарба жана суу чарба органдарынын жетекчилеринин жана адистеринин жоопкерчилик сезими бир кыйла жогорулады. Буга төмөндөгүдөй маалыматтар мисал боло алат. 1969-жылы республикада пайдаланылбаган сугат жерлердин аянты кескин түрдө кыскарып, 1965-жылдагы 21786 гектардын ордуна бардыгы болуп 3040 гектарды гана түзгөн.

Совет бийлигинин жылдары ичинде айдоо аянтынын структурасында ири өзгөрүштөр болду. Тарыхый кыска мөөнөттө республиканын дыйканчылыгы бир тараптуу дан чарбасынан көп тараптуу чарбага айланды. Негизги техникалык өсүмдүктөрдүн: пахтанын, кант кызылчасынын, тамекинин, ошондой эле картошканын, жашылчалардын, бакча жана тоют өсүмдүктөрүнүн салыштырма салмагы көбөйдү. Ушул убакыттын ичинде өндүрүшкө техникалык өсүмдүктөрдүн салыштырма салмагы бир кыйла өстү.

Совет бийлигинин жылдары ичинде өнөр жайдын, атап айтканда жеңил өнөр жайдын дүркүрөп өсүшүнө байланыштуу айыл чарбасына болгон керектөөлөр да өстү. Ал эми республикада мал чарбасынын өнүгүшү тоют өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттарын кеңейтүүгө алып келип отурат. Бул кырдаал айдоо аянттарынын структурасын кайрадан карап чыгуунун зарылчылыгына мажбур кылды.

1970-жылы дан өсүмдүктөрүнүн салыштырма үлүшү 1913-жылга салыштырганда 86,8 проценттен 41,1 процентке кыскарды. Эгер дан өсүмдүктөрү 1913-жылы 555,5 миң гектар аянтты ээлеген болсо, 1969-жылы 593,0 миң гектарды түзгөн. Демек дан өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты бирдей эле деңгелде болуп келген. Тескерисинче техникалык жана тоюттук өсүмдүктөрдүн салыштырма үлүшү көбөйгөн, ал тийиштүүлүгүнө карай 4,9 проценттен 11,8 процентке чейин жана 6,3 проценттен 38,7 процентке чейин өскөн. Дан өсүмдүктөрүнүн



салыштырма үлүшүнүн негизинен техникалык жана тоют өсүмдүктөрүнүн салыштырма үлүшүнүн эсебинен болду.

1927-жылга чейин республикада кант кызылчасы жана тамеки сыяктуу техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүшкөн эмес. Азыркы убакта техникалык өсүмдүктөрдүн салыштырма салмагы 11,8 процентти, алардын ичинен пахта 5,8 процентти, кант кызылчасы — 4,0 процентти жана тамеки — 1,1 процентти түзөт.

## Азыркы шарттарда жерди пайдалануунун натыйжалуулугунун деңгели

КПССтин XXIV съездинин Директиваларында өлкөбүздүн окумуштууларынын алдына «Илим изилдөө уюмдарынын көңүлү айыл чарба өндүрүшүнүн негизги проблемаларын чечүүгө, ошондой эле жерлерди, техниканы жана эмгек ресурстарын эң рационалдуу пайдалануу проблемаларын чечүүгө бурулууга тийиш» деген милдет коюлган. Өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн ушул этабында продукциянын көлөмүн көбөйтүү гана эмес, ошону менен бирге өндүрүлгөн продукциянын бирдигине жумшалуучу эмгек жана акча-материалдык каражаттардын өлчөмүн системалуу түрдө төмөндөтүү да негизги милдет болуп саналат.

Партиябыз интенсификацияны жана баарынан мурда эгиндин түшүмүн жогорулатууну айыл чарба өндүрүшүн өстүрүүдөгү негизги жол деп эсептейт. Бул максатта биринчи кезекте дыйканчылыктын маданиятын көтөрүү зарыл.

Буга байланыштуу жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун анализин жүргүзүүнүн зарылчылыгы жетилди. Пайдаланылбаган резервдерди издеп таап, аларды рационалдуу пайдалануу зарыл.

Эмгекти эң аз сарп кылуу менен ар бир 100 гектар аянттан айыл чарбасынын дүң продукциясын көп өндүрүү чарбадагы жерлерди натыйжалуу пайдалануунун негизги көрсөткүчтөрүнүн бир болуп саналат. Демек продуктыны өндүрүүнүн деңгели жана көлөмү негизинен жер ресурстарын пайдалануунун деңгелине байланыштуу.

Айыл чарба жерлеринин структурасында 1965-жылы айдоолордун салыштырма салмагы колхоздордо 11,5 процентти, совхоздордо — 11,2 процентти түзгөн. 1970-жылда айдоолордун салыштырма үлүшүнүн өсүшү 1965-жылга салыштырганда колхоздордо 0,9 процентти жана совхоздордо — 7,7 процентти түзгөн.

Совхоздордо эмгекке жөндөмдүү ар бир кишиге 3,8 гектар, колхоздордо 2,9 гектар айдоо жерлер туура келет. Айыл чарба жерлеринин ар бир 100 гектарына чагып эсептегенде жана өндүрүштүк чыгымдар боюнча айыл чарбасынын дүң продукциясын өндүрүү жагынан колхоздор менен совхоздор ортосунда бир кыйла айырмачылыктар байкалат. Мисалы, колхоздордо жердин 100 гектар аянтынан продукция өндүрүүнүн көлөмү республиканын совхоздоруна караганда жогору, ал эми ошол эле жер аянтына өндүрүштүк чыгымдар төмөн экендиги далилденди. Ал эми өсүш темптери тескерисинче совхоздордо жогору болуп чыкты.

Эгер ушул көрсөткүчтөр боюнча жерден пайдалануунун натыйжалуулугун айтчу болсок, анда колхоздор жерди совхоздорго караганда мыкты пайдалангандыгы аныкталды. Бирок республиканын совхоздору айыл чарба өндүрүшүн дагы да интенсификациялоого багыт алгандыгын белгилеп кетүү керек, анын мааниси 100 гектар айыл чарба жерлерине өндүрүштүк чыгымдарды көбөйтүү болуп саналат.

Айдоолордун ар бир 100 гектарынан дыйканчылыктын дүң продукциясынын чыгышы жерди натыйжалуу пайдалануунун көрсөткүчү болуп саналат. Социалисттик кеңири өндүрүштө продукция өндүрүүнүн өсүш темптери өндүрүш чыгымдарынын өсүш темптеринен бардык чаралар менен озуп турууга тийиш. Республиканын совхоздору менен колхоздорунда продукция өндүрүүнүн өсүш темптери өндүрүш чыгымдарынын өсүш темптеринен озуп жаткандыгын эсептөөлөр көрсөттү, мунун өзү социалисттик кайрадан өндүрүүнүн объективдүү зарылчылыгы болуп саналат.

Азыркы убакта, Коммунисттик партиянын жана бүткүл совет элинин күч-кубаты өндүрүштүн натыйжалуулугун бардык чаралар менен жогорулатууга багытталып жаткан кезде өндүрүш фондуларын пайдалануунун өзгөчө мааниси бар.

Колхоздор менен совхоздордун өндүрүш фондулары



айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасынын эң маанилүү бөлүгү болуп саналат. Эң өркүндөтүлгөн техника жана башка азыркы өндүрүш куралдары менен чарбалардын камсыз болушун жогорулатуу, ошондой эле айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн алдыңкы методдорун киргизүү жер ресурстарын рационалдуу пайдалануунун негизи болуп эсептелет.

Ошондуктан айыл чарбасын өнүктүрүүнүн азыркы этабында жерди пайдалануунун натыйжалуулугунун деңгелин жогорулатуунун өзгөчө зор мааниси бар, ошону менен бирге аны пайдалануунун даражасына негизги өндүрүш фондусун арзандатуу жана айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун өстүрүү бир далай өлчөмдө байланыштуу.

Республиканын колхоздору менен совхоздорунда негизги фондулар менен камсыз болуу деңгели жагынан айырмачылыктар бар. Мисалы совхоздордо фонду менен камсыз болуу деңгели колхоздорго караганда жогору, ал эми фондуну актоо, тескерисинче, төмөн.

Совхоздордо фондунун акталышы бир кыйла өсүп жаткандыгын, ал эми колхоздордо төмөндөөгө багыт алгандыгын белгилеп кетүү керек.

Жер ресурстарынын негизги өндүрүш фондулары менен камсыз болуу деңгели айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүү үчүн, өзгөчө айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымын жана түшүмүн көбөйтүү үчүн зор мааниге ээ болот.

Дыйканчылыкты жана мал чарбасын интенсификациялоо шарттарында жылдан-жылга дыйканчылыктын маданияты жогорулап, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмү жана мал чарбасынын продуктуулугу өсүп жатат. 1970—1971-жылдарда дан өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты 1965-жылга салыштырганда 14 миң гектарга кыскарып отурат. Пахта менен кант кызылчасынын айдоо аянты бирдей эле деңгелде калган, ал эми картошка менен жашылчалардын айдоо аянты бир аз өсүп, тийиштүүлүгүнө карай 7,8 жана 14,8 процентти түзөт.

Эми ушул эле айдоо аянттарында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымынын жана түшүмүнүн көбөйүшүн карап көрөлү.

Республикада дан өсүмдүктөрүнүн орточо жылдык түшүмү өткөн беш жылдыктагы 10,2 центнердин ордуна 15,5 центнерди, пахтаныкы — 20,6 центнердин ордуна

23,5 центнерди, кант кызылчасыныкы — 335 центнердин ордуна 343 центнерди түзгөн. Ушул эле мезгилдин ичинде сүттүн орточо жылдык саалып алынышы 254 килограммга жогорулап, 1970-жылы ар уйдан сүттүн саалып алынышы 2124 килограммды түзгөн, ар бир койдон жүндүн кыркылып алынышы 200 граммга көбөйүп, 3 килограммга жеткен.

Сегизинчи беш жылдыкта дан өсүмдүктөрүнүн орточо жылдык жыйымы 44,7 процентке көбөйүп, түшүмдүүлүк 52,9 процентке, пахтаныкы — тийиштүүлүгүнө карай 10,2 жана 14,0 процентке, кант кызылчасыныкы — 15,4 жана 2,4 процентке, картошканыкы — 47,8 жана 8,7 процентке, жашылчалардыкы — 62,2 жана 21,3 процентке жогорулаган.

Республиканын көптөгөн алдыңкы чарбалары жогору түшүмдү алып келе жатат. Мисалы, Кыргызстан машина сыноо станциясы 1970-жылы 560 гектар аянттын ар гектарынан 553 центнерден кант кызылчасын алган. «Жаңы-Пахта» совхозу 864 гектар аянтын ар гектарынан 450 центнерден, Кант районундагы «Труд» колхозу 346 гектар аянттын ар гектарынан 431 центнерден, Сокулук районундагы «Красная Заря» колхозу 486 гектар аянттын ар гектарынан 486 центнерден түшүм өстүрүп алган.

Кант кызылчасы боюнча Кыргызстан тажрыйба-селекция станциясында Социалисттик Эмгектин Баатыры П. Я. Чмырьдын трактордук-талаачылык бригадасы өткөн беш жылдыкта орто эсеп менен ар гектарынан 545 центнерден, 1970-жылы — 554 центнерден кант кызылчасын жыйнап алган.

Дан өсүмдүктөрү боюнча да рекорддук түшүмдөр алынып жатат. Республикада 1971-жылы Москва районундагы «Новый Путь» колхозунан И. Свистуленконун бригадасы 700 гектар сугат жерлердин ар гектарынан 45 центнерден, Ысык-Көл районундагы «1-Май» колхозунан С. Дмитриенконун бригадасы 510 гектар жердин ар бир гектарынан 45 центнерден, Калинин атындагы колхоздон Д. Рохомовдун бригадасы 602 гектар аянттын ар гектарынан 43,3 центнерден, «Кызыл-Бирлик» колхозунан Ш. Шапшаевдин бригадасы 434 гектардын ар гектарынан 41,1 центнерден дан өсүмдүктөрүнүн түшүмүн өстүрүп алышкан.

Ысык-Көл районундагы эгин өстүрүүчүлөр 1971-жылы орто эсеп менен район боюнча 11 миң гектар аянттын ар гектарынан 31 центнерден буудай жыйнашкан. Ал эми Калинин атындагы, «Кызыл Бирлик», «Новая Жизнь» колхоздору ар гектарынан 39—42 центнерден буудай өстүрүшкөн.



Талас районундагы алдыңкы чарбалар: «Победа», Ленин атындагы, Калинин атындагы колхоздор ар гектарынан 25—32 центнерден жыйнап алган. «Победа» колхозунан О. Имбеталиевдин, Б. Сагымбаевдин, С. Турдалиевдин үрөн өстүрүүчүлүк звенолору ар гектарынан 40—45 центнерден түшүм өстүрүшкөн.

Республиканын пахтачылары тогузунчу беш жылдыктын биринчи жылында жаңы эмгек ийгиликтерине жетишти. Мисалы, Ленин району ар гектарынан орто эсеп менен 30,5 центнерден, Сузак району 27 центнерден «ак алтын» өстүрүп алышты.

Ленин районундагы «Коммунизм» колхозунан Социалисттик Эмгектин Баатыры К. Султановдун бригадасы зор ийгиликтерге жетишип, орто эсеп менен ар гектарынан 46 центнерден, Т. Токторбаевдин бригадасы 46 центнерден пахта өстүрүшкөн. Фрунзе атындагы колхоздон Социалисттик Эмгектин Баатыры Ө. Атабекованын бригадасы 200 гектар аянттын ар гектарынан 42 центнерден, «Комсомол» колхозунан А. Худайбердиевдин бригадасы 42 центнерден «ак алтын» өстүрүп алышкан.

Түшүмдүүлүктү жогорулатууда бир кыйла түшүмдүү жаңы сортторду киргизүүнүн зор мааниси бар. Мисалы, Араван районундагы «Янги-Юль» колхозунда сортту алмаштыруунун натыйжасында Ташкент II сорту 840 гектар аянттын ар гектарынан 40 центнерден түшүм берген. XXII партсъезд атындагы колхоз 846 гектар аянттын ар гектарынан 35 центнерден ушул эле сорттогу пахтанын түшүмүн өстүрүп алышкан. «Коммунизм» колхозунун № 5 бригадасында 128 гектар аянттын ар бир гектарынан 45 центнерден Ташкен-III сортундагы пахта өстүрүп алынган.

Ноокат районундагы «Россия» колхозунан Социалисттик Эмгектин Баатыры Б. Атышевдин бригадасы жана Салиева атындагы колхоздон Гапар Тешебаевдин бригадасы 1971-жылы тамеки жалбырагынын түшүмүн жогорулатууда эң зор ийгиликтерге жетишип, ар гектарынан 30 центнерден түшүм алышкан, ал эми Талас районундагы К. Маркс атындагы колхоздон А. Эшалиеванын

звеносу 19 центнерден Дюбек сортундагы тамеки өстүрүшкөн.

Беш жылдыктын чечүүчү үчүнчү жылында республиканын эмгекчилери кайраттуу эмгектеништи. Эгин өстүрүүчүлөр дандын мол түшүмүнө жетишип, ар гектарынан 21 центнерден дан алышты, ал эми сугат жерлерден 30 центнерден жыйналып, дүң жыйым 1225 миң тоннаны түзгөн.

Ысык-Көл областынын дыйкандары да дан өстүрүү жагынан зор ийгиликтерге жетишип, орто эсеп менен ар гектарынан 27, 9 центнерден, Нарын областы — 26,7 центнерден эгин жыйнап алышкан. Талас жана Кочкор райондору тийиштүүлүгүнө карай 33,2 жана 32 центнерден өстүрүшкөн. Көптөгөн колхоздор, совхоздор, бригадалар жана звенолор бир кыйла мыкты көрсөткүчтөргө жетишти. Түп районундагы «СССРдин 50 жылдыгы» атындагы жана Фрунзе атындагы колхоздор ар гектарынан 51 центнерден, Лейлек районундагы «Лейлек» совхозу 50 центнерден түшүм алышкан. Жумгал районундагы «Дыйкан» колхозунда ар гектарынан 47,5 центнерден, Кочкор районундагы «Соң-Көл» совхозунда 47 центнерден, Кыргызстан машина сыноо станциясында 45 центнерден түшүм жыйнап алынды.

55 звено дан өсүмдүктөрүнүн ар гектарынан 50 центнерден ашуун түшүм жыйнашкан. Түп районундагы Фрунзе атындагы колхоздон Г. А. Шадрыгинанын звеносу ар гектарынан атүгүл 76 центнерден, ал эми Жумгал районундагы «Дыйкан» колхозунан С. Курманбековдун звеносу 72 центнерден жаздык буудай өстүрүп алышты.

Жүгөрү өстүрүүчүлөр да асыл эмгеги менен эң мыкты түшүм өстүрүштү. Кант кызылчасы боюнча Кыргызстан тажрыйба-селекция станциясы ар гектарынан 87 центнерден, Кыргызстан машина сыноо станциясы — 78,8 центнерден, Чүй районундагы Жданов атындагы колхоз 80,1 центнерден жүгөрүнүн данын өстүрүп алышкан. XXI партсъезд атындагы колхоздон Социалисттик Эмгектин Баатыры В. Н. Маханьконун жана Сокулук районундагы кант кызылчасы боюнча Кыргызстан тажрыйба-селекция станциясынан Социалисттик Эмгектин баатыры П. Я. Чмырдин звенолору тийиштүүлүгүнө карай ар гектарынан 102,1 жана 101 центнерден жүгөрү данын алышты.

Пахтачылар менен кызылча өстүрүүчүлөр өздөрүнүн



убадасында бек турушуп, өздөрүнүн жогорулатылган милдеттенмелерин ар намыстуулук менен ийгиликтүү орундатышты. 220 миң тоннага жакын пахта даярдалды. Ар гектарынан 30 центнерден жыйналды. Мындай түшүм мурда эч качан өстүрүлгөн эмес болучу. Өзгөчө Ленин районунун пахтачылары үзүрлүү эмгек кылышып, ар гектарына 33 центнерден жана Сузак району 32 центнерден жыйнап алышты. Ал эми Араван районунун Жданов атындагы колхозу рекорддук түшүмү — ар гектарынан 43 центнерден жыйнап алган.

Кызылча өстүрүүчүлөр да эң мыкты ийгиликтерге жетишти, алар кант заводдоруна 1750 миң тонна кызылча тапшырышты. Сокулук районунда кант кызылчасынын түшүмү ар гектарынан 487 центнерди, ал эми ушул эле райондогу СССРдин 50 жылдыгы атындагы үрөөнчүлүк чарбасында 640 центнерди түзгөн, К. Маркс атындагы колхоз ар гектарынан 500 центнерден жыйнап алган. Кант району жалпысынан ар гектарынан 440 центнерден, ал эми Кыргызстан машина сыноо станциясы 601 центнерден түшүм өстүрүп алышты.

Бул мисалдар жогорку түшүмдү алуу үчүн пайдаланылбаган резервдер жана реалдуу мүмкүнчүлүктөр али да болсо бар экендиктери жөнүндө далил болот. Жогорку түшүмү үчүн күрөш — ар бир колхоз менен совхоздун эң маанилүү милдети болуп саналат.

КПССтин XXIV съездинде А. Н. Косыгин мындай деген: «Албетте киреше эмненин эсебинен, кандай жол менен жана кандай шарттарда көбөйө тургандыгы социалисттик коомго баары бир эмес. Өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу, продукциянын өздүк наркын төмөндөтүү жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү — кирешенин көбөйтүүнүн жолу мына ушул. Кирешени мамлекеттик бааларды туура эмес пайдалануунун же алларды кымбаттатуунун, белгиленген ассортиментти жана стандарттарды бузуунун эсебинен алууга болгон ар кандай аракеттер мамлекетке каршы практика болуп саналат».[1]

Чыгымдарды кыскартуунун, продукциянын өздүк наркын төмөндөтүүнүн жана өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн жогорулатуунун негизги жолу эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү болуп саналат.

[1] КПССтин XXIV съездинин материалдары, М., 1971.

Эл чарбасынын бардык тармактарында эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн маанисн кандай? Баарынан мурда эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүү коомдук өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүнүн негизги булагы болуп санала тургандыгын белгилеп кетүү керек.

Колхоздор менен совхоздор продукцияны көбүрөөк жана мыкты сапатта чыгарууга гана таламдаш болбостон, ошону менен бирге аны мүмкүн болушунча арзаныраак чыгарууга да умтулушат. Коомдук эмгекти үнөмдөп, бардык ресурстарды рационалдуу пайдалануунун эсебинен эң жогорку натыйжаларга жетишүү эң маанилүү.

Эмгек өндүрүмдүүлүгү канчалык жогору болсо, айыл чарба продукциясынын өздүк наркы ошончолук төмөн болот, мунун өзү колхоздор менен совхоздордун экономикасын чыңдоонун, ошондой эле айыл чарба эмгекчилеринин эмгек акысын жогорулатуунун эң маанилүү булагы болуп саналат.

Бирок республиканын совхоздору колхоздорго караганда негизги өндүрүш фондулары менен мыкты камсыз кылынгандыгына карабастан совхоздордо дыйканчылыктын эмгек өндүрүмдүүлүгү али да болсо төмөн бойдон калып келе жатат.

Айыл чарба продукциясынын өздүк наркы колхоздор менен совхоздордун ишинин эң жалпылатылган көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Ал эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгелин, негизги жана жүгүртүлүүчү каражаттардын пайдаланылышынын натыйжалуулугун, алдыңкы технологиянын киргизилишинин, илимдин жетишкендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаны пайдалануунун жана өндүрүштү башкарууну өркүндөтүүнүн эффективдүүлүгүн мүнөздөйт.

Дыйканчылыкта негизги өсүмдүктөрдү өндүрүүнүн өздүк наркы жана ага жумшалган чыгымдар жөнүндө маалыматтарды келтирели.

Республиканын колхоздорунда болсун, же совхоздорунда болсун көптөгөн айыл чарба өсүмдүктөрүн өндүрүүгө чыгымдар жылдан-жылга көбөйүп жаткандыгын анализдер көрсөттү, мунун өзү өндүрүлүүчү продукциянын өздүк наркынын жогорулашына да алып келет.

Өздүк нарктын жогорулашы пахта, кант кызылчасы, тамеки, картошка жана башкалар сыяктуу негизги өсүмдүктөрдө байкалат. Мисалы, республиканын колхоздорунда пахтанын бир центнеринин өздүк наркы 1965-жылы 27 сом 34 тыйынды, 1966—1970-жылдары орто эсеп менен алганда 30 сом 23 тыйынды, ал эми 1970-жылы — 33 сом 14 тыйынды түзгөн. Кант кызылчасы тийиштүүлүгүнө карай 1 сом 75 тыйынды, 1 сом 92 тыйынды, 2 сом 03 тыйынды түзгөн. Тамекинин өздүк наркы тийиштүүлүгүнө карай 142 сом 32 тыйынга, 157 сом 32 тыйынга жана 157 сом 33 тыйынга барабар болгон. Мындай өсүш эмгекти жумшоо жагынан да байкалып отурат.

Пахтанын жана кант кызылчасынын өздүк наркынын дагы да зор даражада жогорулашы республиканын совхоздорунда байкалат. Совхоздор боюнча бир центнер пахтанын өздүк наркы 1965-жылы 29 сом 90 тыйынга, 1966—1970-жылдарда — 35 сом 76 тыйынга, 1970-жылы 37 сом 60 тыйынга, кант кызылчасыныкы — тийиштүүлүгүнө карай 1 сом 70 тыйынга, 1 сом 87 тыйынга жана 1 сом 93 тыйынга барабар болгон. Республика боюнча дан өсүмдүктөрүнүн өздүк наркынын төмөндөшү жылдан жылга ылдыйлап бара жатат.

Мына ошентип 1965-жылга салыштырганда 1970-жылы республиканын колхоздорунда пахтанын өздүк наркы 21,2 процентке, кант кызылчасыныкы — 16,0 тамекиники 10,4 жана картошканыкы, 26,7 процентке, ал эми совхоздордо пахтанын өздүк наркы 251,5 кант кызылчасыныкы — 13,4 процентке жогорулаган.

Мунун өзү али да болсо көптөгөн чарбалар өндүрүлүп жаткан айыл чарба продукциясынын өздүк наркын төмөндөтүүгө олуттуу көңүл бурбай жаткандыгы жөнүндө далил болот. Негизги жана жүгүртүлүүчү каражаттар, жер ресурстары толук даражада пайдаланылбайт, дыйканчылык жогорку деңгелде жүргүзүлбөйт.

Экинчи жагынан көрсөтүлгөн өсүмдүктөрдүн өздүк наркын жогорулатуу айыл чарба өндүрүшүн интенсификациялоого байланыштуу. Негизинен мунун өзү капиталдык салымдарды системалуу түрдө көбөйтүүнүн, негизги жана жүгүртүлүүчү каражаттарды көбөйтүүнүн эсебинен болууга тийиш. 1970-жылда гана минералдык жер семирткичтерин чачуу республикада 1965-салыштырганда 62,2 процентке жогорулаган.

Бардык айыл чарба жерлерин рационалдуу пайдалануунун, айыл чарба техникасын мыкты колдонуунун, жогорку агротехниканы колдонуунун, химиялаштыруу-

нун, өндүрүш чыгымдарын кыскартуунун натыйжасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу дыйканчылык продукциясынын өздүк наркын төмөндөтүүнүн негизги жолу болуп саналат. Ал эми өздүк нарк рентабелдүүлүктүн деңгелине тыгыз байланышкан. Рентабелдүүлүк, башкача айтканда кирешелүүлүк айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугунун жана колхоздор менен совхоздордун ишин объективдүү баалоонун толук көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат.

Продукциянын өздүк наркы жана өндүрүштүн рентабелдүүлүгү — эң маанилүү көрсөткүчтөр болуп эсептелет. Алар эмгек өндүрүмдүүлүгүн мүнөздөп, жер жана башка өндүрүш каражаттары канчалык рационалдуу пайдаланылып жаткандыгын көрсөтөт. Дал ошондуктан партия менен өкмөтүбүз эмгекчилердин кеңири массасын өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн жогорулатуу үчүн күрөшкө багыттап жатат.

Дыйканчылык боюнча бүтүндөй алганда колхоздордогу рентабелдүүлүк 46 проценттен 56 процентке чейин экендиги таблицадан көрүнүп турат. Негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн арасында эң эле жогорку рентабелдүү өсүмдүк — дан, андан кийин пахта, кант кызылчасы, тамеки картошка, чөп, бакча өсүмдүктөрү болуп саналат.

Совхоздордо бардык өсүмдүктөрдүн рентабелдүүлүгүнүн деңгели колхоздорго салыштырганда бир кыйла төмөн. Жалпысынан дыйканчылык боюнча ал 12,7—38,2 процентти түзөт. Совхоздор үчүн картошка жана жашылча өстүрүү тармагы чыгашалуу болот. Демек колхоздордо жер ресурстары, өндүрүш фондулары жана башка резервдер совхоздорго караганда мыктыраак пайдаланылган.

Айыл чарба жерлеринин ар бир 100 гектарынан чагып эсептегенде малдын санынын жыштыгы жана мал чарба продукциясынын чыгышы жерди рационалдуу пайдалануунун башкы көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Мал чарбасы өнүксүн үчүн колхоздор менен совхоздордун бардык тоют ресурстары, ошондой эле жер фондулары да толук пайдаланууга тийиш.

Колхозчулардын Бүткүл союздук III съездинде чыгып сүйлөп Л. И. Брежнев мындай деген: «Партиянын Борбордук Комитети кээ бир колхоздор менен совхоздор колдогу мүмкүнчүлүктөрдү мал чарба продуктыла-



*3-таблица*

**Негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн рентабелдүүлүгүнүн нормасы процент менен**

| | 1965-ж. | 1966-ж. | Орточо 1966—1970-ж. | 1970-ж. | 1972-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Колхоздор | | | | | |
| Дан өсүмдүктөрү — бардыгы | 105,0 | 177,0 | 147,1 | 93,0 | 107,3 |
| Кант кызылчасы | 48,0 | 38,0 | 31,8 | 29,0 | 38,2 |
| Пахта | 53,0 | 40,0 | 39,6 | 49,0 | 43,0 |
| Тамеки | 39,0 | 39,0 | 37,4 | 38,0 | 51,7 |
| Картошка | 46,9 | 33,0 | 37,6 | 46,0 | 40,0 |
| Жашылчалар | 2,6 | 2,2 | 8,8 | 37,0 | 41,0 |
| Бак өсүмдүктөрү | 57,0 | 36,0 | 26,0 | 24,1 | 39,1 |
| Ар кандай чөптөр | 67,8 | 53,6 | 31,0 | 9,6 | — |
| Дыйканчылык боюнча бардыгы | 50,8 | 55,9 | 46,9 | 45,7 | 48,0 |
| Совхоздор МСХ | | | | | |
| Дан өсүмдүктөрү бардыгы | 41,6 | 70,0 | 68,6 | 75,2 | 50,4 |
| Буудай | 47,0 | 74,0 | 71,7 | 94,0 | 107,9 |
| Пахта | 12,3 | 11,7 | 20,2 | 74,0 | 49,0 |
| Кант кызылчасы | 51,1 | 50,0 | 37,0 | 36,6 | 45,6 |
| Тамеки | 14,1 | 9,4 | 13,2 | 20,8 | 25,4 |
| Картошка | 24,2 | —27,2 | —18,[illegible] | —22,0 | 2,2 |
| Жашылчалар | —20,0 | —8,4 | —13,[illegible] | —6,0 | 24,4 |
| Бакча өсүмдүктөрү | 20,4 | 22,5 | 28,5 | 16,0 | 9,0 |
| Дыйканчылык боюнча бардыгы | 12,7 | 14,9 | 18,4 | 38,2 | 37,6 |

рын өндүрүүнү көбөйтүү, алардын сапатын жогорулатуу жана өздүк наркын төмөндөтүү үчүн пайдаланышпайт деп эсептейт. Бул кемчиликтерди түзөтүү керек».

Дыйканчылык жана мал чарбасы бири-бири менен тыгыз байланышкан, ошондуктан ар бир чарбада бул тармактарды өнүктүрүүнү туура айкалыштыруу зарыл.

Айыл чарба жерлеринин ар бир 100 гектарына малдын санынын жыштыгы жагынан колхоздор менен совхоздор ортосунда зор айырмачылыктар байкалат.

1970-жылы мал чарба продукциясынын кээ бир түрлөрүн өндүрүү 1965-жылга салыштырганда көбөйүп жаткандыгын белгилеп кетүү керек. Мисалы, 1970-жы-

лы колхоздор сүт өндүрүү 1965-жылга салыштырганда 14,8 процентке, совхоздордо — 22,3 процентке көбөйгөн, жүн өндүрүү тийиштүүлүгүнө карай — 10,1 жана 13,8 процентке көбөйгөн. Чарбалардын эки категориясында койлордун, чочколордун, үй канаттууларынын өсүшү бир кыйла байкалат, айыл чарба жерлеринин 100 гектарына эсептегенде ири бодо малдын жана жылкылардын өсүшү дээрлик теңелет.

Беш жылдык планда «сүт, эт, жумуртка жана жүн өндүрүүнү мындан ары өстүрүүнү камсыз кылуу» белгиленген. Бул милдетти ийгиликтүү аткаруу негизинен мал чарбасын интенсивдүү жүргүзүүгө, аларга туруктуу тоют базасын түзүүгө байланыштуу. Ал эми мал чарбасы үчүн түзүлүп жаткан тоют базасынын деңгели өз кезегинде табигый тоют ресурстары жана талаалык тоют өндүрүшү канчалык рационалдуу пайдаланыла тургандыгына жараша болот.

Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин 1968-жылдагы ноябрь пленумунда табигый тоют ресурстарын интенсификациялоонун негизинде тоют базасын чыңдоо республикада мал чарбасын мындан ары өнүктүрүүнүн эң маанилүү шарты болуп санала тургандыгы белгиленген.

Кой чарбасы жана эт багытындагы мал чарбасы өнүккөн Кыргызстандын шарттарында жайыттардын өзгөчө мааниси бар. Азыркы убакта республиканын табигый тоют жерлери бардык айыл чарба жерлеринин 86 процентин түзөт, алардын салыштырма салмагы койлордун рационунда 85—90 процентине чейин, жылкылар менен ири бодо малдын рационунда 20—25 процентке чейин жетет. Жайкы мезгилдерде жайыттарда унаа жылкылардан башка малдын бардык түрлөрү жайылып жүрөт, кыш жана ала — жаз мезгилинде 80 процентке жакын койлор, 40—50 процент жылкылар жана 15—20 процент ири бодо мал жайылат.

Бирок азыркы жайыт жерлер малды табигый тоюттар менен камсыз кыла албай жатат. Азыркы убакта республиканын колхоздору менен совхоздору болжол менен 57 процентке гана жайыттык тоюттар менен камсыз кылынган. Жайкы жайыттар менен начар камсыз кылынган райондор төмөндөгүлөр болуп саналат: Чүй (54,4 процент), Талас (67,0 процент) өрөөндөрүнүн райондору. Ысык-Көл областы (49,5 процент).



Мунун өзү табигый тоюттук жерлер али да болсо толук рационалдуу пайдаланылбай жаткандыгы жөнүндө далил болот. Табигый чөп чабындылар менен жайыттардын түшүмдүүлүгү али да болсо төмөн бойдон калып келе жатат,— ар гектарынан 5,7 центнер кургак чөп массасы алынат.

Өзгөчө Ак-Сай жана Арпа өрөөндөрүндө, Жети-Өгүз, Тоң сырттарында, Кара-Кужурда, Орто-Сыртта; Кызыл-Жар өрөөнүндө жана башка жерлерде жайыттардын продуктуулугунун өтө төмөн экендиги байкалат.

Азыркы убакта жайыттык жерлердин чарбалык абалы анчалык канааттандырарлык эмес. Колдогу маалыматтарга караганда таштуу жана бадал каптаган жайыттар менен чөп чабындылардын аянты республикада пайдалануунун бардык сезондору боюнча 37,8 процентке чейин жетет.

Жайыттарды мелиорациялоо начар жүргүзүлөт, жайыттык эрозияга жана уулуу чөптөргө каршы күрөш жүргүзүлбөйт. Малды системасыз баш аламан жаюунун натыйжасында ыңгайлуу участоктор өтө эле тебеленип, анчалык ыңгайлуу эмес участоктор мал тийбеген бойдон кала берет, мунун өзү жайыттардын бузулушуна алып келет. Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Биология институтунун маалыматтарына караганда жайыттарды эки жыл бою системасыз баш аламан пайдалануунун кесепетинен түшүмдүн коромжу болушу 11 процентти, беш жыл бою пайдаланганда — 23 процентти, ал эми 25 жылдын ичинде жарымын дээрлик түзөт.

Түшүмдүүлүктүн төмөндөшү чөп өсүү абалынын, ошондой эле чөптүн тоюттук касиетинин начарлашына жараша болот. Мында жайыттык эрозия кеңири таралган, ал малды системасыз баш-аламан жаюунун натыйжасында келип чыккан. Жайыттардын продуктуулугун жогорулатуу үчүн көп жылдык чөптөрдүн үрөөнчүлүк чарбасын жакшыртуу, жайытты жана чөп чабынды жерлерди пайдаланууда тийиштүү тартипти жөнгө салуу зарыл.

Азыркы убакта жер аянтынын бирдигине тоюттун чыгышынын деңгели анчалык зор эмес, ошондуктан мунун өзү интенсификациялоо жолу боюнча мал чарбасын өнүктүрүүгө мүмкүндүк бербей жатат. Демек келечекте тоют өндүрүүнү өстүрүү темпи коомдук мал чарбасын өстүрүүнүн темпинен озуп турууга тийиш, мунун өзү

республиканын тоют балансын бир кыйла жакшыртууга жардам берер эле. Тоют балансы баарынан мурда табигый жерлердин тоют сыйымдуулугун көбөйтүүнүн эсебинен түзүлүүгө тийиш, анткени ал республиканын мал чарбасында керектелүүчү тоюттун төрттөн үч бөлүгүн ээлейт.

Бул кырдаал табигый тоют жерлерин интенсификациялоого өзгөчө көңүл буруунга мажбур кылат.

Бул маселенин актуалдуулугу колхоздор менен совхоздордо койлордун санын 1970-жылга салыштырганда 1975-жылы 5,7 процентке чейин жеткирүү каралып отургандыгында.

Тогузунчу беш жылдыкта кой чарбасынан башка мүйүздүү бодо мал, өзгөчө саан уйлардын саны көбөйөт. 1975-жылы уйлардын санынын өсүшү 12,1 процентти, чочколордуку — 9,4, үй канаттууларынын саны 1970-жылга салыштырганда 15,6 процентти түзөт. Эт өндүрүү 39,1 процентке, сүт — 24,5 процентке жана жүн — 18,1 процентке көбөйөт.

Перспективада коомдук мал чарбачылыгын жогорулатуу, өзгөчө кой чарбасын өнүктүрүү, эт, сүт жана жүн өндүрүүнү көбөйтүү бекем тоют базасын түзбөстөн жана айдоолордун, чөп чабындылардын жана жайыттардын ар гектарынан эң зор өлчөмдө тоют камдаганда гана мүмкүн.

Бул проблеманы ийгиликтүү чечүү үчүн табигый тоюттук жерлерди интенсивдүү пайдаланууга багытталган бир катар мелиоративдик жана уюштуруучулук чараларды жүргүзүү зарыл, ал эми мунун өзү жайыттык чарбага ири капиталдык салымдарды жумшоо менен байланыштуу.

Республиканын илим-изилдөө мекемелери тарабынан жайыттык жерлерди үстүртөн жана түп тамырынан бери жакшыртуу боюнча кээ бир чаралар иштелип чыккан жана илимий жактан негизделген, бул чаралар республиканын айрым зоналарынын жергиликтүү жана экономикалык шарттарына ылайык түшүмүн жогорулатууга жана натыйжалуу пайдаланууга көмөк көрсөтөт.

Малдын санын мындан ары өстүрүүнү камсыз кылуу үчүн табигый жайыттык тоютту көбөйтүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрү барбы? Ошентип жайыттар менен, болгондо да арзан тоюттар менен малды камсыз кылуу үчүн 1971—1975-жылдарда жайыттар менен чөп чабындылардын продуктуулугун жакшыртуу боюнча төмөндөгү чаралар жүргүзүлүүгө тийиш: а) жайыт оборотун киргизүү жана 2000 миң гектар жерге малды загон боюнча жаюу; б) 800 миң гектар аянтка жер семирткичтерин чачуу; в) 440 миң гектар аянттагы жайыттарды уулуу, зыяндуу чөптөрдөн химиялык жол менен арылтуу; г) 80 миң гектар аянттагы жайыттарды түп тамырынан бери жакшыртуу, башкача айтканда чөп чабындылар үчүн урук себүү; д) маданий жайыттарды түзүү — 88 миң гектар аянтка; е) жайыттарга суу жеткирүү — 400 миң гектар аянтка.

Жайыттарга суу жеткирүү жана реконструкциялоо, ошондой эле жайыттар менен чөп чабындылардын иштеп жаткан сугат системаларын техникалык жакшыртуу жайыттарды интенсивдүү пайдаланууга көмөк көрсөтүүчү эң маанилүү мелиоративдик чаралар болуп саналат.

Алдын-ала алынган маалыматтарга караганда табигый тоюттук жерлерди интенсификациялоо боюнча белгиленген чараларды ишке ашыруу 1975-жылы жайыттар менен чөп чабындылардын орточо продуктуулугун болжол менен 13 процентке жогорулатууга мүмкүндүк берди.

1975-жылы тоют өндүрүүнүн жалпы көлөмү 1970-жылга салыштырганда 20—25 процентке өсүүгө тийиш, мунун өзү республиканын колхоздору менен совхоздорунда малдын санын перспективалуу өнүктүрүүнү тоют менен камсыз кылууга толук мүмкүндүк берет.

Белгилеген чаралар өзүнүн көлөмү жагынан жоопту жана зор болуп саналат, ал ошону менен бирге зор капиталдык салымдарды жана уюштуруучулук-чарбалык чараларды жүргүзүүнү талап кылат.

## ЖЕРДИ ИНТЕНСИВДҮҮ ПАЙДАЛАНУУНУН ЖОЛДОРУ

Ар кандай өндүрүш каражаттарын туура жана натыйжалуу пайдалануу алардын касиеттерин толук билүүнү талап кылат. Бул жобо жерге да тиешелүү. Айыл чарба өндүрүшүн туура пландаштыруу жана жерди жогорку өндүрүмдүү пайдалануу максатында жер ресурстарынын азыркы абалын анализдөө жана аны мындан ары жакшыртуу жолун белгилөө зарыл.

«Чарбаны интенсивдүү жүргүзүү дегенибиз — деп айтылган КПСС БКнын 1964-жылдагы апрель пленумунда,— бул биринчиден, жердин ар гектарынан көп продукция алуу дегендикке, экинчиден механизациялоонун жана химиязациялоонун негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, продукциянын өздүк наркын арзандатуу, продукциянын бирдигине чыгымдарды жана каражаттарды эң аз жумшоо менен данды, этти, сүттү жана башка продуктыларды көп алуу дегендикке жататы».

К. Маркс мындай деп жазган: «...экономикалык жактан интенсивдүү дыйканчылык деп бир эле жер аянтына капиталды топтоо деген түшүнүктү айтабыз...»[1] Андан кийин интенсификациялоону В. И. Ленин «Эмгекти жана капиталды мындан ары жумшоо»[2] деп так аныктаган.

Демек, айыл чарбасын интенсификациялоо — бул илим менен техниканын эң жаңы жетишкендиктерин, мыкты технологияны колдонуу, ошондой эле өндүрүштү жана эмгекти бир кыйла өркүндөтүп уюштуруу, колдогу ресурстарды мыкты пайдалануу жолу менен ошол эле жерден продукция өндүрүүнү туруктуу көбөйтүү болуп саналат.

Интенсификациялоо социализмдин шарттарында коомдук байлыкты көбөйтүүнүн таламдарын, эмгекчилердин таламдарын көздөйт. Азыркы убакта өндүрүштү интенсификациялоо — бул колхоздор менен совхоздордун экономикасын жогорулатуунун чечүүчү звеносу болот.

Айыл чарба өндүрүшүн интенсификациялоонун негизги жолдору биздин партиябыздын Программасында белгиленген. Буга — кеңири жана бардык тараптан химиялаштыруу, дыйканчылыкта жана мал чарбасында комплекстүү механизацияны киргизүү, айыл чарбасын электрлештирүү, өндүрүштү терең жана туруктуу адистештирүү, сугатчылыкты өнүктүрүү, желерди кургатуу жана ага суу жеткирүү, бардык колхоздор менен совхоздордо илимдин жетишкендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаны пайдалануунун негизинде чарба жүргүзүүнүн натыйжалуу системасын киргизүү сыяктуу чаралар ды кошууга болот.

Интенсификациялоо ишкананын техникалык жана

---

[1] *К. Маркс* жана *Ф. Энгельс.* Чыгармалар, 25-т, 2-бөлүм, 227-бет.
[2] *В. И. Ленин.* Чыгармалардын толук жыйнагы. 16-том, 287-бет.



экономикалык базасын өркүндөтүү боюнча чаралардын бүтүндөй комплекси экендиги дал ушундан ачык-айкын көрүнүп турат.

Дыйканчылыкты интенсификациялоонун формаларын, анын деңгели сыяктуу эле өлкөнүн зоналары жана ар түрдүү адистиктеги чарбалар боюнча өтө ар түрдүү болот, ошондой эле бирдей эле факторлор бирдей эле мааниге ээ боло бербейт. Мисалы, кургакчыл зонада сугат дыйканчылыгын өнүктүрүү, химиялаштыруу, кыртыштын эрозиясына жана шортоң болушуна каршы күрөш, ал эми саздак зоналарда — жерлерди кургатуу жана акиташ чачуу сыяктуу чаралар жүргүзүлөт.

Кыргызстандын шарттарында айыл чарбасын химиялаштыруу, мелиорациялоо, комплекстүү механизациялоо жана электрлештирүү дыйканчылыктагы интенсификациялоонун негизги факторлору болуп саналат. Республиканын дыйканчылыгын интенсификациялоонун ушул негизги факторлорун өнүктүрүүнүн деңгелин карап көрөлү.

— Химиялаштыруу. Жерди туура пайдалануу — айыл чарбасындагы негизги маселе. Милдет жердин ар бир гектары рационалдуу жана натыйжалуу пайдаланылышында болуп отурат. Бул жагынан маанилүү роль дыйканчылыкты химиялаштырууга таандык. Химияны киргизүү — айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн, мал чарбасынын продуктуулугун өстүрүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун, өндүрүш маданиятын көтөрүүнүн кубаттуу булагы болуп саналат.

Химияны колдонуунун тармагы улам барган сайын кеңейүүдө. Азыркы убакта химиялаштыруу көптөгөн багыттар боюнча ишке ашырылып жатат. Минералдык жана органикалык жер семирткичтерин чачуу жолу менен жердин асылдуулугун жогорулатуу эң маанилүү багыт болгон жана болуп кала берет.

Жер семирткичтерин талаалардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуунун эң негизги чарасы деп бекеринен айтышпайт. Жер семирткичтерин пайдалануу — айыл чарбасында химияны колдонуунун бирден бир негизги жолу болуп саналат. Химиялык каражаттарды маданий өсүмдүктөрдүн зыянкечтерине жана илдеттерине каршы, ошондой эле отоо чөптөрүнө каршы күрөштө кеңири колдонушат. Өсүмдүктөрдүн жана малдын өсүшүн тездетүүчү, тоюттун сапатын жакшыртуучу химиялык эле-

менттер табылды. Жер семирткичтерин пайдалануунун натыйжалуулугу зонанын жана чарбанын кыртыш-тык-климаттык шарттарына, мурда айдалган өсүмдүктөргө, өстүрүлүп жаткан өсүмдүктөрдүн биологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу экендиги илим изилдөө мекемелеринин тажрыйбалары жана алдыңкы чарбалардын практикасы менен белгиленди.

Жер семирткичтерин туура пайдалануу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн жогорулатып гана тим болбостон, ошону менен бирге продукциянын сапатын, ошондой эле кыртыштын агрономиялык касиеттерин жакшырта тургандыгы аныкталды.

КПСС БКнын 1964-жылдагы февраль пленумунун чечимдерин ишке ашыруу иретинде ушул жылдан баштап республикада Айыл чарба министерствосу алдында агрохимиялык кызмат түзүлдү. Анын негизги милдети ар бир чарбанын агрохимиялык картограммаларын түзүү, илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу жана республиканын колхоздору менен совхоздоруна жер семирткичтерин натыйжалуу пайдалануу боюнча практикалык жардам көрсөтүү болуп саналат. Ар бир чарбада агрохимиялык картограммалар түзүлүп, алар азыр айыл чарба практикасында колдонулат.

Жыл сайын түшүм менен кошо кыртыштын зор өлчөмдөгү азыктуу заттар жок боло тургандыгы белгилүү. Мисалы, профессор А. В. Петербургскийдин маалыматтарына караганда 1966-жылы өлкөнүн талааларынан азоттун, фосфордун жана калийдин жок болушунун жалпы өлчөмү 24,3 млн тоннаны түзгөн, ал эми кыртышка болсо жер семирткич түрүндө 11,6 млн. тонна гана ушул заттар чачылган. Талаалардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана кыртыштын асылдуулугун бардык чаралар менен жакшыртуу үчүн бул коромжуларды толуктап гана тим болбостон, ошону менен бирге кыртышта азыктуу заттарды топтоо да зарыл.

Аммиак селитрасынын ар бир центнери буудайдын жана жүгөрүнүн түшүмүн 2—3 центнерге, кант кызылчасынын —18—38 центнерге, пахтаныкын —1,2 —2,0 центнерге жогорулата тургандыгы, бир центнер суперфосфат 2 центнерге чейин кошумча буудайдын түшүмүн бере тургандыгы, 11—12 центнерге жакын кызылчаны кошумча алууга боло тургандыгы илим изилдөө мекемелеринин көп жылдык изилдөөлөрү менен аныкталды.



Минералдык жер семирткичтерин органикалык жер семирткичтери менен аралаштырып чачканда агрономиялык зор натыйжаны берет. Жер семирткичтерди техникалык өсүмдүктөрдүн айдоолоруна чачканда баарынан мыкты натыйжа алынат. Жер семирткичтеринин таасири астында кант кызылчасы сугат жерлерде дыйканчылык илим-изилдөө институтунун маалыматтарына караганда 1,5 эсе көп алынат.

Азоттук-фосфордук жер семирткичтерин чачуунун эсебинен пахтанын түшүмү ар гектарынан 8,4 центнерге көбөйөт.

Жер семирткичтерди колдонуу дыйканчылыктын кирешелүүлүгүн жогорулатуунун эң негизги шарты болуп саналат.

Айыл чарбасына минералдык жер семирткичтерин жеткирүү тынымсыз өсүүдө.

Колхоздук-совхоздук дыйканчылыкты өнүктүрүүнүн тажрыйбасы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү чачылган жер семирткичтеринин өлчөмүнө түздөн-түз байланыштуу экендигин көрсөттү.

Республиканын колхоздору менен совхоздоруна минералдык жер семирткичтерин жеткирүүнүн өсүп жаткандыгы талашсыз. Республика 1970-жылы минералдык жер семирткичтерин 1965-жылга салыштырганда 62,2 процентке, 1960-жылга салыштырганда 2,6 эсе көп алган. Бирок көп чарбалардын минералдык жер семирткичтерин канча өлчөмдө алгандыгында эмес, эң негизгиси аларды пайдалануунун коэффициентинде. Мисалы колхоздор менен совхоздор 1965-жылы республикага жеткирилген жер семирткичтердин жалпы санынан минералдык семирткичтерди айыл чарба өсүмдүктөрүнө 72,3 процент, 1966-жылы 70,4 процент, жана 1967-жылы, —76,2 процент пайдаланышкан. Бир гектар айдоого 1965-жылы —2,7 центнер минералдык жер семирткичтер, 1966-жылы 3,4; 1967-жылы —3,1 ц, 1970-жылы —5 центнер туура келген. Бул болсо республиканын колхоздору менен совхоздорунун жетекчилери жана адистери минералдык жер семирткичтерин толук жана натыйжалуу пайдаланууга али да болсо олуттуу көңүл бурушпай жаткандыгы жөнүндө далил болот. Органикалык жер семирткичтерин пайдалануу мындан да начар абалда. 1965-жылдан 1967-жылга чейин республиканын колхоздору менен совхоздору айдоолордун бир гек-

тарына эсептегенде 1,2 тоннадан 1,4 тоннага чейин органикалык жер семирткичтерин чачышкан.

Жер семирткичтери кийинки убактарга чейин негизинен техникалык өсүмдүктөргө (кант кызылчасына, пахтага, тамекиге, ж. б), картошкага, бакча өсүмдүктөрүнө, жашылчаларга чачылып келген. Дан өсүмдүктөрүнө (жүгөрүдөн башка), өзгөчө кылкандуу дан өсүмдүктөрүнө жер семирткичтерин пайдаланууга өтө аз көңүл бурулуп жатат.

Өндүрүштүк чыгымдарга карай дүң продукциянын өсүш темптеринин катышы жер ресурстарын жана башка өндүрүш каражаттарын туура жана рационалдуу пайдалануунун эң маанилүү көрсөткүчү болуп саналат. Социалисттик кайрадан кеңири өндүрүүнүн шарттарында дүң продукциянын өсүш темптери өндүрүш чыгымдарынын өсүш темптеринен озуп турууга тийиш. (4-таблица).

*4-таблица*

**Кыргыз ССРи боюнча дыйканчылыктын дүң продукциясынын жана өндүрүш чыгымдарынын өсүшү (1965-жылга карай процент менен)**

| | 1965-ж. | 1966-ж. | 1970-ж. | 1971-ж. | 1972-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Дыйканчылыктын дүң продукциясы | 100 | 123,3 | 138 | 149 | 164 |
| Дыйканчылыкка жумшалган чыгымдар | 100 | 115,4 | 122 | 142 | 154 |
| Мунун ичинде минералдык жер семирткичтер | 100 | 111,0 | 142 | 170 | 206 |

Дыйканчылыктын дүң продукциясын өндүрүүнүн өсүшү менен алардын өндүрүштүк чыгымдарынын ортосунда кескин айырмачылыктар байкалбагандыгы, башкача айтканда, биринчиси экинчисинен озуп жаткандыгы таблицадан көрүнүп турат. Бирок минералдык жер семирткичтерине чыгымдардын өсүш темптери секирик түрүндө кескин көбөйүүдө, мунун өзү калыбы, аларды дыйканчылыкта улам көбүрөөк санда пайдалангандыкка байланыштуу болсо керек.



Айыл чарба өндүрүшүн химиялаштыруу тийиштүү өсүмдүктөргө жер семирткичтерин чачуу менен чектелбейт. Химиялаштыруу — бул органикалык жана минералдык жер семирткичтерин колдонуу, зыянкечтер менен илдеттерден өсүмдүктөрдү химиялык жол менен коргоонун каражаттарын, мал чарбасынын продуктуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү заттарды, синтетикалык материалдарды пайдалануу, ошондой эле шор жерлерди гипстөө жана кычкыл кыртыштарга акиташ чачуу — мына ушулардын бардыгы айыл чарба өндүрүшүн химиялаштыруунун эң маанилүү формалары болуп саналат.

Өсүмдүктөрдү зыянкечтерден, илдеттерден жана отоо чөптөрдөн коргоо — бардык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуунун жана айыл чарба жерлерин натыйжалуу пайдалануунун эң маанилүү шарттарынын бири болуп эсептелет. Анткени алар тарабынан келтирилген зыян эбегейсиз зор. Бул жагынан көп мисалдарды келтирүүгө болот. «Бүткүл дүйнө жүзүндө өсүмдүктөрдүн зыянкечтеринен жана илдеттеринен айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүнүн 20 процентине жакыны коромжу болот. Бул өлчөмдөгү продуктылар менен 600 миллионго жакын кишини багууга болор эле. Дан өсүмдүктөрүнүн кара көсө илдети түшүмдүн 20—40 процентине зыян келтирет; жөргөмүш кенеси пахтанын түшүмүн 20—40 процентке төмөндөтөт»[1].

1962—1963-жылдарда Кыргызстандын түштүгүндө кара көсөдөн дандын коромжу болушу 80 миң центнерди түзгөн. Кант кызылчасынын церкоспорозу жана жалбырак илдети кызылчанын түшүмүн 20 процентке, жабырак илдети түшүмүн 1—2 процентке төмөндөтөт. Тамекинин на канттуулугун 1—2 процентке төмөндөтөт. Тамекинин жалбырак илдети анын сапатын 40—50 процентке начарлатат. Айыл чарбасына сары чырмоок, тамыр илдети эбегейсиз зор зыян келтирет.

Өсүмдүктөрдү зыянкечтерден, илдеттерден жана отоо чөптөрдөн химиялык жол менен коргоо республикада жылдан жылга зор көлөмдөрдө жүргүзүлөт (5-таблица)

Уу химикаттар жана гербициддер менен иштетилүүчү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн аянты жылдан-жылга өсүп жаткандыгы таблицадан көрүнүп турат. Эгер 1965-

[1] Колхоздун экономикасынын негизи. М., 1970.

*5-таблица*

**Республиканын колхоздору менен совхоздорунда гербициддер жана уу химикаттар менен иштетилген айыл чарба өсүмдүктөрүнүн аянты (миң га менен)**

| | 1965-ж. | 1966-ж. | 1969-ж. |
|---|---|---|---|
| Колхоздор | | | |
| Гербициддер менен иштетилген бардык айыл чарба өсүмдүктөрү | 21,2 | 33,5 | 42,2 |
| Мунун ичинде дан өсүмдүктөрү | 9,6 | 14,7 | 23,2 |
| Жүгөрү | 9,9 | 9,3 | 18,1 |
| Кант кызылчасы | 2,8 | 2,4 | 0,67 |
| Уу химикаттары менен иштетилген бардык айыл чарба өсүмдүктөрү | 100,2 | 105,2 | 162,9 |
| Көп жылдык өсүмдүктөр | 9,3 | 3,5 | 11,8 |
| Совхоздор (Айыл чарба министерствосу) | | | |
| Гербициддер менен иштетилген бардык айыл чарба өсүмдүктөрү | 14,6 | 23,2 | 28,3 |
| Мунун ичинде: | | | |
| дан өсүмдүктөрү | 7,8 | 13,9 | 14,3 |
| жүгөрү | 5,5 | 4,8 | 6,5 |
| кант кызылчасы | 0,7 | 0,5 | 0,3 |
| Уу химикаттары менен иштетилген бардык айыл чарба өсүмдүктөрү | 27,0 | 30,1 | 55,0 |
| Көп жылдык өсүмдүктөр | 7,1 | 9,2 | 9,7 |

жылы колхоздордо гербициддер менен 21,2 миң гектар аянттагы айыл чарба өсүмдүктөрү иштетилген болсо, анда 1969-жылы 42,2 гектар аянттагы айыл чарба өсүмдүктөрү иштетилген. Уу химикаттары менен тийиштүүлүгүнө карай 100,2 жана 162,9 гектар дарыланган.

1965-жылы совхоздордо 14,6 миң гектар, ал эми 1969-жылы 28,3 гектар аянттагы айдоолор гербициддер менен дарыланган. Уу химикаттары менен тийиштүүлүгүнө карай 27,0 жана 55,0 миң гектар иштетилген.

Шор жерлерди өздөштүрүү үчүн да химиялаштыруу маанилүү метод болуп саналат. 1965-жылы 20 гектар аянтка 60 тонна гипс чачылган болучу. Мунун өзү иштин башталышы эле. Кийинки төрт жылдын ичинде жыл сайын 3 миң гектар аянттан 4 миң гектарга чейинки жерлер гипс чачылгандыгын белгилеп кетүү керек. 1969-



жылы 4246 гектар аянттагы шор топурактуу жерге гипс чачылды, бул аянтка 17 миң тонна гипс жумшалды.

Түшүмдүүлүктү жогорулатуунун кошумча каражаттарынын бири болуп бактериалдык микро жер семирткичтери саналат, аларга да олуттуу көңүл буруу керек. Жер семирткичтерин сактоого, аларды чачуунун жолдоруна, мөөнөтүнө жана нормаларына өзгөчө көңүл бурулууга тийиш. Жер семирткичтеринин бардык түрлөрүн чачуудан жогорку натыйжа алуу үчүн ар бир чарбанын шарттарын эске алуу менен кыртыштын химиялык составын жана өстүрүлүп жаткан өсүмдүктөрдүн айрым азыктуу элементтерге болгон керектөөлөрүн сөзсүз билүү керек. Бул чараларды план ченемдүү ишке ашыруу үчүн колхоздор менен совхоздор үчүн өзүнчө бир багыттагыч катарында эсептелген агрохимиялык картограммаларды так пайдалануу зарыл.

Жер семирткичтеринин системасы — бул асылдуулуктун түгөнгүс булагы болуп саналат. Ал башка агротехникалык чаралар менен айкалыштыруу аркылуу жогорку туруктуу түшүмдүн алынышын, кыртыштын рационалдуу пайдаланышын жана асылдуулугун жогорулашын камсыз кылууга, айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнү камсыз кылууга тийиш. Республикада беш жылдык план боюнча 1975-жылга 751 миң тонна минералдык жер семирткичтер керек болушу каралган, алардын ичинен азоттук — 322, фосфордук — 350, калийлик 79 миң тонна.

2. Механизация. Айыл чарбасын интенсификациялоодо чечүүчү роль машиналык техника менен куралданган эмгекке таандык. К. Маркс мындай деген: «...асылдуулук кыртыштын объективдүү касиети болуп саналса да, экономикалык жактан ал дайыма белгилүү мамиле кылууну — дыйканчылык химиясын жана механикасын өнүктүрүүнүн белгилүү деңгелине мамиле кылууну аныктайт, дал ошондуктан өнүгүүнүн мына ушул деңгели менен өзгөрүп турат».[1]

Айыл чарбасында кол эмгегин машиналардын эмгеги менен алмаштыруу айыл чарба эмгекчилеринин эмгегин жеңилдетет. Механизацияны киргизүү жумуштардын бардык түрлөрүн күн мурунтан өз убагында көрүп турууга, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн техноло-

[1] *К. Маркс.* «Капитал» 3-том, 664-бет, 1951.

гиясын жана аткарылып жаткан жумуштардын сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берет.

Айыл чарбасын механизациялоо эмгек чыгымдарын кыскартуунун, продукциянын өздүк наркын төмөндөтүүнүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун негизги шарттарынын бири болуп саналат.

КПСС БКнын 1970-жылдагы Июль пленумунун токтомунда дыйканчылык менен мал чарбасынын продуктыларын өндүрүүнүн бир кыйла көбөйтүү милдетин ийгиликтүү чечүү чарбасынын материалдык-техникалык базасын тезинен чыңдоонун жана аны техникалык жактан кайрадан жабдуунун зарылчылыгын туудура тургандыгы белгиленген. Бир сөз менен айтканда техника адамдардын өндүрүш иштеринин бардык жактарына таасир тийгизет.

Айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасы чыңдалды. Машина-трактор паркынын саны жана республиканын айыл чарбасынын энергетикалык күч-кубаты жылдан жылга өсүүдө, ошондой эле энергетикалык ресурстардын структурасынын катышы өзгөрүүдө. 1965-жылы республиканын айыл чарбасында бардык энергетикалык кубаттардын 97,6 проценти механикалык кыймылдаткычка туура келген, ал эми 1970-жылы 98,5 процентке чейин көбөйгөн. Жумушчу унаанын үлүшү тийиштүүлүгүнө карай 2,4 проценттен 1,6 процентке чейин азайды.

Республиканын айыл чарбасынын энергетикалык кубаттуулугунун структурасында автомобилдердин салыштырма салмагы 20,5 —42,9 процент, тракторлордуку —31,9 —34,3 процент болуп саналат. Ар кандай комбайндардын салыштырма салмагы баарынан зор. Айыл чарбасынын энергетикалык ресурстарынын структурасында унаа күчүнүн салыштырма салмагынын кыскарышы азыркы шарттарда анын керек болбой калгандыгы жөнүндө деги эле далил болбойт, тескерисинче, Кыргызстандын шарттарында — тоолуу республика катарында айрым жумуштарда унаа күчү, өзгөчө аттар азырынча зор роль ойнойт.

Жылдан-жылга тракторлук-комбайндык парктын составы жакшырып жатат. Бардык түрдөгү тракторлор менен комбайндардын саны бир кыйла өстү. 1970-жылы трактор паркынын жалпы тартуу күчү аттын күчү менен эсептегенде 1965-жылга салыштырганда 40,0 процентке, 100 гектар айдоого эсептегенде тракторлордун саны 29,4 процентке, комбайндардын саны 1000 гектар дан өсүмдүгүнө карай эсептегенде 19,2 процентке өстү.



Республиканын колхоздору менен совхоздорунун талааларында эми 15 аттын күчүндөй 42618 трактор, 3423 дан, 1334 силос жыйноочу комбайндар, 849 кызылча жыйноочу, 1736 пахта жыйноочу, 403 жүгөрү жыйноочу комбайндар иштейт. Орто эсеп менен ар бир колхоз менен совхозго 66 трактор, 21 комбайн жана жүздөгөн айыл чарба машиналары туура келет. Техниканы 35,4 миң гектар механизатордук кадрлар — трактористтер, комбайнерлор жана шоферлор башкарат.

Айыл чарбасын улам барган сайын кубаттуу жогорку өндүрүмдүү техника менен жабдуу, ошондой эле квалификациялуу механизатордук кадрлардын болушу өндүрүштүн прогрессивдүү методдорун кеңири колдонууга, негизги талаа жумуштарын жер айдоону, эгүүнү, катар аралыктарын иштетүүнү, дан жана башка өсүмдүктөрдү жыйноону механизациялоого мүмкүндүк берет. Дыйканчылыкта өндүрүш процесстерин механизациялоонун деңгели жөнүндө төмөндөгүлөр далил болот: ар түрдүү өсүмдүктөрдү өстүрүүнү механизациялоонун деңгелинде бир кыйла айырмачылыктар байкалгандыгын анализдөө көрсөттү.

Азыркы убакта кыртышты иштетүү менен дан өсүмдүктөрүн жыйноону эң жогорку механизацияланган процесс деп эсептөөгө болот (99,6—100 процент). Колхоздордо пахтанын катар аралыктарын иштетүү 81,0 процентке, совхоздордо —83,0 —89,0 процентке, кант кызылчасы тийиштүүлүгүнө карай 87,0 —96,0 процентке механизацияланган. Картошка тигүү 69,0—89,0 жана 90,0—93,3 процентке, кант кызылчасын жыйноо —84,0—94,0 жана 82,0—85,2 процентке, жүгөрүнү жыйноо 84,5—99,7 жана 91,0—96,0 процентке, данды жүктөө — 79,0—94,0 жана 90,0—100,0 процентке, кант кызылчасын жүктөө 72,0—88,7 жана 89,0—98,0 процентке механизацияланган.

Бирок механизациялоонун деңгели колхоздор менен совхоздордо али да болсо кээ бир жумуштарда жетишсиз болуп отурат. Көптөгөн айыл чарба жумуштары али да болсо кол менен аткарылат.

Пахтаны машиналар менен жыйноо ойдогудай болбой жатат. Республиканын совхоздорунда кийинки жыл-

дарда пахтаны машиналар менен жыйноону бир аз күчөтүштү. Бирок республиканын колхоздорунда жашылчалардын катар аралыктарын иштетүүнү механизациялоонун деңгели төмөн бойдон калып келе жатат. Тамеки жана дары-дармек сыяктуу техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүү өтө начар механизацияланган.

Дыйканчылыкта ар түрдүү өсүмдүктөрдүн бүтүндөй ассортименти өстүрүлөт, бул өсүмдүктөр республиканын ар түрдүү табигый шарттарында өстүрүлүп, алардын технологиясы да ар түрдүү. Ошондуктан айыл чарба өндүрүшүнүн бардык оор процесстерин толук механизациялоо үчүн бир гана машина эмес, машиналардын бир катар системасы талап кылынат. Колхоздор менен совхоздорду универсалдуу жана жогорку өндүрүмдүү техника менен улам камсыз кылуу айыл чарба өндүрүшүнүн айрым операцияларын механизациялоодон анын бардык процесстерин комплекстүү механизациялоого өтүү үчүн ар бир чарбага мүмкүндүк берет, башкача айтканда комплекстүү механизацияланган жана трактордук-дыйканчылык бригадалар менен звенолор сыяктуу эмгекти уюштуруунун жана техниканы пайдалануунун жаңы формаларына өтүүгө болот. Машиналык эмгек рационалдуу жана толук пайдаланылчу болсо жогорку экономикалык натыйжа берет. Чарбада техниканы пайдаланууну баалоо үчүн тракторлордо жана машиналарда сменалык жана күнүмдүк иштеп чыгуунун көрсөткүчүнүн биринчи даражадагы мааниси бар. Ал эми экинчи бир маанилүү көрсөткүч — бир трактордун, комбайндын жана дагы башка машинанын жылдык иштеп чыгуусу болуп саналат. Бул жөнүндө 6-жана 7-таблицаларда көрсөтүлгөн:

Анализ көрсөткөндөй бир трактордун жана комбайндын күнүмдүк жана сменалык иштеп чыгуусу али да болсо төмөн бойдон калып келе жатат. Мисалы, республиканын колхоздорунда кийинки жылдарда сменалык иштеп чыгуу 15 аттын күчүндөгү трактор менен иштегенде 1,4 гектардан 1,5 гектарга чейин болгон. Колхоздордо комбайндардын күнүмдүк иштеп чыгуусу 4,6 гектардан 5,2 гектарга чейин, совхоздордо 4,0 гектардан 4,5 гектарга чейин болгон. Колхоздордо сменалык жана күнүмдүк өндүрүмдүүлүктүн өлчөмү совхоздорго караганда жогору экендигин белгилеп кетүү керек. Республиканын колхоздорунда да, совхоздорунда да кызыл-



*6-таблица*

**Кыргыз ССРинин колхоздору менен совхоздорунда тракторлорду пайдалануу**

| | Сезондо I трактордун иштеп чыгышы | | | Машина сменада I трактордун иштеп чыгуусу |
|---|---|---|---|---|
| | жумшак айдоо, га | машина күн | машина смена | |
| **Колхоздор** | | | | |
| Бардык тракторлор 15 аттын күчүндө: | | | | |
| 1965-ж. | 305 | 177 | 209 | 1,4 |
| 1966-ж. | 311 | 185 | 212 | 1,5 |
| 1970-ж. | 305 | 164 | 178 | 1,7 |
| 1972-ж. | 1079 | 196 | 217 | 5,0 |
| **Совхоздор** | | | | |
| Бардык тракторлор 15 аттын күчүндө: | | | | |
| 1965-ж. | 271 | 174 | 192 | 1,4 |
| 1966-ж. | 266 | 192 | 220 | 1,2 |
| 1970-ж. | 275 | 155 | 175 | 1,6 |
| 1972-ж. | 1074 | 165 | 204 | 5,2 |

ча жыйноочу, пахта жыйноочу жана картошка жыйноочу комбайндардын өндүрүмдүүлүгү өзгөчө төмөн.

Ошол эле кезде колхоздордо бүтүндөй алганда өлкө боюнча кийинки жылдарда трактордун күнүмдүк иштеп чыгуусу 2,3 гектарды, дан жыйноочу комбайндыкы — 7,5 гектарды түзөт. Алдыңкы чарбаларда 15 аттын күчүндөй трактордун орточо күндүк өндүрүмдүүлүгү 6—7 гектарга чейин жетет. Биздин республикабыздын колхоздору менен совхоздору тракторлор менен комбайндарды пайдалануу боюнча орточо союздук деңгелге да али жете элек. Көрсөткүчтөрдөгү мындай айырмачылык айыл чарба техникасынын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун зор резервдери бар экендиги жөнүндө далил болот.

Бардык чарбаларда сменалык өндүрүмдүүлүктү өндүрүштүн алдыңкылары тарабынан жетишилген деңгелге чейин жогорулатуу эл чарбалык зор милдет болуп саналат. Аны чечүү — аз сандагы машиналар менен эң

*7-таблица*

**Кыргыз ССРинин колхоздору менен совхоздорунда комбайндарды пайдалануу**

| | Колхоздор | | | Совхоздор | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | сезондо 1 комбайндын иштеп чыгуусу, га | сезондо 1 комбайндын иштеп чыгуусу, | 1 комбайндын машина күндө иштеп чыгуусу | сезондо 1 комбайндын иштеп чыгуусу, га | сезондо I комбайн менен иштелип чыккан машина күн | I комбайн иштеп чыккан машина күндөр, га |
| Дан жыйноочу комбайндар бардыгы | | | | | | |
| 1965-ж. | 184 | 35,3 | 5,2 | 169 | 37,3 | 4,5 |
| 1970-ж. | 165 | 36,5 | 4,5 | 173 | 39,1 | 4,4 |
| 1972-ж. | 141 | 33,3 | 4,2 | 142 | 35,0 | 4,1 |
| Кызылча комбайнды: | | | | | | |
| 1965-ж. | 61 | 41,6 | 1,5 | 47 | 36,3 | 1,3 |
| 1970-ж. | 58 | 39,5 | 1,5 | 56 | 32,0 | 1,6 |
| 1972-ж. | 51 | 38,0 | 1,3 | 44 | 27,0 | 1,6 |
| Пахта жыйноо машиналар: | | | | | | |
| 1965-ж. | 49,4 | 26,1 | 1,9 | 24 | 27,3 | 0,9 |
| 1970-ж. | 43,0 | 23,5 | 1,8 | 38 | 17,1 | 2,2 |
| 1972-ж. | 62,0 | 26,3 | 2,3 | 67 | 32,0 | 2,1 |
| Жүгөрү жыйноочу комбайндар: | | | | | | |
| 1965-ж. | 28 | 20,0 | 1,4 | 29 | 22,0 | 1,3 |
| 1970-ж. | 33 | 24,0 | 1,4 | 34 | 25,3 | 1,4 |
| 1972-ж. | 46 | 27,7 | 1,7 | 47 | 24,8 | 1,9 |
| Силос жыйноочу комбайндар: | | | | | | |
| 1965-ж. | 83 | 28,0 | 2,9 | 65 | 27,0 | 2,4 |
| 1970-ж. | 80 | 35,8 | 2,2 | 76 | 30,1 | 2,5 |
| 1972-ж. | 73 | 29,6 | 2,4 | 63 | 26,3 | 2,4 |
| Картошка жыйноочу комбайндар: | | | | | | |
| 1965-ж. | 3,7 | 2,5 | 1,5 | 4 | 3,8 | 1,0 |
| 1970-ж. | 98 | 154,4 | 0,6 | 10 | 19,5 | 0,9 |
| 1972-ж. | 19 | 13,4 | 1,4 | 44 | 13,3 | 3,3 |

кыска мөөнөттө зор көлөмдөгү механизацияланган жумуштарды аткаруу, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн жогорулатуу, продукциянын бирдигине чыгымдарды төмөндөтүү дегендикке жатат. Механизаторлук кадр-



лардын квалификациясын жогорулатуу, алардын жумуш убактысын, кыскартуу, машина-трактор паркын тейлөөнү рационалдуу уюштуруу, агрегаттардын иштебей туруп калышын кыскартуу, машиналарды техникалык жактан күтүүнүн эрежелерин катуу сактоо; бардык мишиналарды өз убагында күйүүчү-майлагыч материалдар жана зарыл запастык бөлүктөр менен камсыз кылуу, механизаторлорду тиричилик жактан тейлөөнү жакшы уюштуруу техниканы эң натыйжалуу жана өндүрүмдүү пайдалануу үчүн биринчи даражадагы шарт болуп саналат.

Колхозчулардын Бүткүл союздук Үчүнчү съездинде Л. И. Брежнев мындай деген: «Айыл чарбасын бардык чаралар менен өнүктүрүү, анын материалдык-техникалык базасын чыңдоо өлкөнүн эл чарбасын өнүктүрүүнүн жаңы беш жылдык планынын негизги багыттарынын бирин түзөт».

Республиканын айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында 9-беш жылдыкта айыл чарба техникасына төмөндөгүдөй керектөөлөр каралган. «Кыргызгипроводхоздун» эсептөөлөрүнө караганда дан, силос жыйноочу, кызылча комбайндарга жана пахта эгүүчү машиналарга болгон керектөөлөр жумуштардын көлөмүнө, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн күнүмдүк нормаларына жана жумуштардын мөөнөтүнө ылайык белгиленген.

Мында өндүрүмдүүлүктүн төмөндөгүдөй нормалары алынган:

жер айдоочу тракторлор 6 га
дан комбайндары 8,5 га
силос жыйноочу комбайндар 2,5 га
пахта жыйноочу комбайндар 2,2 га
кызылча жыйноочу комбайндар 2,0 га

Жеткирүүнү белгилөө үчүн машиналардын төмөндөгүдөй иштөө мөөнөттөрү кабыл алынган:

тракторлор 8 жыл
дан жыйноочу комбайндар 7 жыл
силос жыйноочу комбайндар 6 жыл
кызылча жыйноочу комбайндар 6 жыл
пахта жыйноочу комбайндар 7 жыл

Жер айдоочу тракторлорго болгон керектөөлөр жумуш эң кызуу жүрүп жаткан мезгил боюнча — сентябрга карата (тоңдурма айдоо жана башка жумуштар)

белгиленген, мындан тышкары ар түрдүү жумуштарда тракторго болгон керектөөлөр эске алынган.

Бардыгы болуп керектелиши: 8700 жер айдоочу трактор, техникалык даярдыгынын коэффициенти 0,9 болгондо 16180 : 0,9 = 18 миң жер айдоочу трактор талап кылынат.

Дан комбайндарына болгон керектөөлөр күнүмдүк иштеп чыгуу нормасы 8,5 гектар болуп, дан жыйноо жумуштарын 17 күндүн ичинде бүтүрүүнүн негизинде белгиленген.

579 миң га: (8,5x17) = 4100 даана.

Силос жыйноочу комбайндарга болгон керектөөлөр күндөлүк өндүрүмдүүлүк 2,5 гектар болуу менен жумуштарды 18 күндүн ичинде бүтүрүүнүн негизинде белгиленген.

135 миң га: (2,5×18) = 3000 даана.

Пахта жыйноочу машиналарга болгон керектөөлөр күндөлүк норма 2 гектар болуу менен жумуштарды 20 күндүн ичинде бүтүрүүнүн негизинде белгиленген.

46,4 миң га: (20×2) = 1160 даана.

Пахта жыйноочу машиналарга болгон керектөөлөр сезондо 55 тонна жыйноо менен жумуштарды 20 күндүн ичинде бүтүрүүнүн негизинде белгиленген, машиналар менен пахтанын дүң жыйымынын 70 проценти же 129 миң тонна жыйналат.

129 миң тонна: 55 = 2350 даана.

Демек, 1970-жылы республикада пайдалуу жерлердин фонду менен жабдылышы төмөндөгүдөй мүнөздөлөт: айыл чарба өсүмдүктөрүнүн бардык жыйноо процесстери дан комбайндары менен 8,3 процентке, силос жыйноочу комбайндар менен 41,4 процентке, кызылча жыйноочу комбайндар менен 66,3 процентке жана пахта жыйноочу машиналар менен 73,8 процентке камсыз кылынган (өндүрүмдүүлүктүн керектүү нормативдери боюнча тийиштүү өсүмдүктөрдүн жалпы айдоо аянтына карай алганда).

Айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча беш жылдык планда белгиленген чаралар техниканы, жер ресурстарын толук жана натыйжалуу пайдалануунун маанисин ого бетер жогорулатып, талаалардын түшүмдүүлүгүн көтөрөт. Буга колхоздук жана совхоздук экономиканы өнүктүрүү, ошондой эле эмгекчилердин турмуш деңгелин жакшыртуу көп жагынан байланыштуу.



*8-таблица*

**Кыргыз ССРинин колхоздору менен совхоздорунун айыл чарба техникасына болгон керектөөлөрү жана аларды жеткирүү**

| | Керектөөлөр: | | 1971—1975-ж. жеткириле турганы бардыгы |
|---|---|---|---|
| | 1971-ж. | 1975-ж. | |
| Тракторлор, бардыгы | 24,0 | 26,7 | 18,5 |
| Мунун ичинде: жер айдоочу тракторлор | 6,5 | 8,7 | 5,2 |
| Комбайндар: алардын ичинен | | | |
| дан жыйноочу | 3,6 | 4,1 | 2,7 |
| силос жыйноочу | 1,9 | 3,1 | 2,7 |
| Кызылча жыйноочу | 1,2 | 1,2 | 0,8 |
| Эки катарлуу пахта жыйноочу машиналар | 1,7 | 2,4 | 1,6 |
| Жүк ташуучу автомобилдер | 15,8 | 17,0 | 7,2 |
| Трактордук чиркегичтер | 10,9 | 12,0 | 8,4 |
| Бульдозерлер | 660 | 1460 | 1,484 |
| Скреперлер | 410 | 600 | 507 |
| Грейдерлер | 270 | 400 | 0,564 |
| Экскаваторлор Э-153 | 130 | 340 | 0,363 |

## Мелиорация жана ирригация.

Жерлерди мелиорациялоо—турмуштун зарыл талабы болуп, айыл чарбасын жүргүзүүнүн табигый шарттарын жакшыртууга багытталган. Буларга төмөндөгүлөр кирет: сугаруу, жерлерди кургатуу, суу жеткирүү, талааларды сактоочу токой тилкелерин тигүү, кум жерлерди жана жарларды чыңдоо, талаалар менен шалбааларды таштардан жана өңгүл-дөңгүл жерлерден тазалоо, жерлерди тегиздөө, тоо жантаймаларын тектирлөө жана башкалар.

Бул чаралардын мааниси мында: алар жерди жакшыртып, айыл чарбасына пайдалануу үчүн жараксыз аянттарды жана ыңгайсыз жерлерди ыңгайлуу айдоо же тоют жерлерине айландырат да, дыйканчылыкта жана мал чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүп берет.

Мелиорация жаратылышты кайрадан түзүү боюнча чаралардын жалпы комплексинин составдык бөлүгү бо-

луп саналат. Социалисттик айыл чарбасы айдоо аянттарын кеңейтип, жаңы жерлерди өздөштүрүү милдетин гана эмес, ошону менен бирге өсүмдүктөрдүн мол жана туруктуу түшүмүн камсыз кылып, жаратылыштын кааттчылыгына айыл чарбасынын көз каранды эместигинин шарттарын түзүү милдетин коюп отурат. Бул милдет жерлерди толук жана туруктуу пайдаланууну, кыртыштын асылдуулугун жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууну, мелиоративдик жумуштардын бардык түрлөрүн механизациялоону, суу ресурстарын натыйжалуу пайдаланууну жана дагы башка чараларды талап кылат.

Революцияга чейинки мезгилде феодалдык мамилелердин шарттарында техниканын өтө төмөнкү деңгели бүткүл суу чарба курулуштарына, алардын түзүлүштөрүнө жана пайдаланылышына өзүнүн терс таасирин тийгизип турган. Сугат системалары майда-майда арыктар менен чектелип, сууну жөнгө салып туруучу курулуштары болгон эмес, ошондуктан суунун өздүк наркы өтө жогору болгон. Натыйжада сугат системалары начардыктан суу өтө коромжу болуп, суугарылуучу жерлер майдамайда аянттарга бөлүнгөн.

Падышалык Россиянын жарым кылымдык үстөмдүк кылышынын убагында Түркстанда ирригациялык техниканы олуттуу жакшыртуу жүргүзүлбөгөн, сугат жерлердин аянты көбөйгөн эмес. Революцияга чейинки мезгилде социалдык-экономикалык шарттар ар кандай дыйканчылык шарттары меллиорациялык абалдын канааттандыраарлык эмес болушунун жана ар кандай дыйканчылык прогрессинин өнүкпөгөндүгүнүн негизги себеби болгон.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши, бийликтин жумушчулар менен дыйкандардын колуна өтүшү айыл чарбасынын прогрессине, мунун ичинде мелиорациянын өнүгүшүнө тоскоолдук кылып келген Россиядагы капитализмдин кыйрашына алып келди.

Жаш совет мамлекети алгачкы күндөрдөн баштап эле СССРде жерлерди мелиорациялоого зор көңүл бура баштаган. 1918-жылы май айында В. И. Ленин Түркстан крайында ирригациялык курулуштарга 50 миллион сом каражат бөлүп берүү жөнүндөгү Эл Комиссарлар Советинин декретине кол койгон. 1919-жылы мартта партиянын VIII съезди тарабынан кабыл алынган Программа өлкөдө мелиорацияны мындан ары өнүктүрүү үчүн зор мааниге ээ болду, бул Программада жерлердин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган башка чаралар менен бирге мелиорация системасын кеңири жүргүзүүнүн зарылчылыгы айтылган болучу.



«Закавказьедеги коммунист-жолдошторго» деген белгилүү катында В. И. Ленин мындай деп жазган: «Сугатчылык дыйканчылыкты жана мал чарбасын көтөрүү үчүн өзгөчө маанилүү... Сугатчылык баарынан зарыл жана крайды баарынан мыкты оңойт, аны кайрадан жаратат, өткөндүн калдыктарын жоюп, социализмге өтүүнү чыңдайт»[1].

Ирригациялык курулуштун проблемасы эң маанилүү социалдык-экономикалык милдеттерди чечүү менен айкалышып келген. Кыргызстанда айыл чарбасын социалисттик кайра түзүүнү ишке ашырууда жер-суу реформасынын негизги жобосун иштеп чыккан. Түркстан АССРнин Крайлык IX съездинин чечими маанилүү роль ойноду. Андан кийин чарбанын кооперативдик формаларын өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөн жерге орноштуруу чаралары жүргүзүлдү.

Бул мезгил (1922—1929) калыбына келтирүү мезгили болгон. Республиканын суу чарба органдарынын негизги көңүлү эски системалар менен каналдарды калыбына келтирүүгө жана реконструкциялоого бурулган болучу. Гидротехникалык курулуштарды жана сугат аянттарын калыбына келтирүү ирригациялык системаларды техникалык кайра түзүү боюнча жумуштар менен кошо жүрүп турду. Эски сугат системаларында инженердик-гидротехникалык курулуштарды куруу алардын пайдалуу аракет коэффициентин камсыз кылып, сууга өксү болгон көптөгөн райондордо суу менен камсыз болууну жакшыртты. Ошону менен бирге жаңы ирригациялык курулуш жана эски сугат системаларын техникалык реконструкциялоо боюнча жумуштар башталды.

Жер-суу реформасын жана башка чараларды жүргүзүүнүн натыйжасында республиканын сугат дыйканчылыгы негизинен ири суу чарба объектилерин куруунун эсебинен дүркүрөп өнүгө баштады. Мына ушул мезгилде Жалал-Абад контонунун Көгарт волостунда «Урман» жана Чанач волостунда «Лазван» деген эки магистралдык канал биринчилерден болуп курулду. Чүй өрөөнүндө Краснореченская сугат системасы катарга киргизилди.

[1] *В. И. Ленин.* Чыгармалар, 43-том, 200-бет.

30-жылдардын башында Ат-Башы ирригациялык системанын курулушу аякталды. Ири инженердик суу алгыч түйүндөр: Чүй суусунда Чөмүч плотинасы, Көгарт—Сай суусунда Көгарт плотинасы жана Ала-Арча, Сокулук өзөндөрүндө дагы башка сугат системалары курулду.

1930—1940-жылдардагы мезгил негизинен сугат дыйканчылыгын социалисттик кайра түзүүнүн жана ири механизацияланган өндүрүштүн базасында аны өнүктүрүүнү ишке ашыруу менен мүнөздөлөт. Суу чарба жумуштарына негизинен жаңы ирригациялык курулуштарды куруу, сугат дыйканчылыгындагы эски системаларды техникалык реконструкциялоо сыяктуу чаралар кирген.

«Айыл-кыштактардагы жумуштар жөнүндө» партиябыздын XV съездинин Токтомунда мындай деп айтылган: «Орто-Азияда жана Кавказда ирригациялык жумуштар сыяктуу ири мелиоративдик курулуштар дыйканчылыкка таасир көрсөтүүнүн маанилүү фактору болуп саналат».[1]

Улуу Ата мекендик согуштун жылдарында жаңы ири суу чарба курулуштарын куруу убактылуу токтолуп коюлган болучу, бирок сугат аянттарынын өлчөмдөрү кыскарган жок, ал эми кээ бир ирригациялык жумуштарды жүргүзүүнүн натыйжасында сугат аянттары атүгүл бир кыйла көбөйгөн.

Согуштан кийин ири суу чарба курулуштарынын жаңы мезгили башталат. Мисалы, согуштан кийинки мезгилде Кыргызстанда бир катар маанилүү суу чарба объектилери катарга киргизилди. Алардын ичинен эң ирилери — Орто-Токой-БЧК проблемаларын чечүү болгон, бул система Чүй өрөөнүндө 80 миң гектарга жакын жаңы жерлерди сугарууга мүмкүндүк берди.

Андан кийинки мезгилдерде Базар-Коргон, Найман, Аламүдүн, Ала-Арча суу сактагычтары, Куршаб суусундагы суу алгыч түйүн курулду, Кара-Үңкүр-Сай сугат системасы капиталдуу реконструкцияланды. Суу чарба маанисиндеги дагы башка курулуштар менен каналдардын техникалык абалын жакшыртуу жана сугат системаларын кайрадан түзүү боюнча зор жумуштар жүргүзүлдү. Сыйымдуулугу жарым миллиард кубометр болгон Орто-Токой суу сактагычы азыркы замандын эң ири объектиси болуп саналат.

[1] КПССтин съезддеринин чечимдери жана резолюциялары, конференциялары жана КПСС БКнын Пленумдары, экинчи бөлүм, М., 1954, 478-бет.



Биздин өлкөбүздө айыл чарбалык мелиорация социалисттик чарбанын керектөөлөрүнө ылайык жер ресурстарын эң натыйжалуу пайдалануу максатында жагымсыз табигый шарттарды түп тамырынан бери жакшыртуу милдетин койгон уюштуруучулук—чарбалык жана техникалык чаралардын системасын түзөт.

КПСС БКнын 1966-жылдагы май Пленуму жерлерди мелиоративдик жакшыртуунун бардык түрлөрү боюнча чаралардын кеңири программасын белгиледи. Бул программада төмөндөгүлөр каралган: сугат жана кургатуу системалары менен кошо колдогу жерлердин мелиоративдик абалын жакшыртуу эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу менен бул жерлерден айыл чарба продукциясынын алынышын көбөйтүү, буудайдын, шалынын жана башка өсүмдүктөрдүн гарантиялуу түшүмүн алуу үчүн сугаттык дан чарбасынын ири базаларын түзүү, кара топурактуу эмес тилкеде бардык айдоо жерлеринин кычкыл жерлерине акиташ чачуу жана шор жерлерине гипс чачуу, шалбааларды, жайыттарды түп тамырынан бери жакшырттууну жүргүзүү, жайыттарга суу жеткирүү, кыртыштын суу жана шамал эрозиясына каршы күрөш жүргүзүү боюнча чараларды ишке ашыруу.

Азыркы убакта мелиорация өлкөнүн айыл чарбасын мындан ары жогорулатууга багытталган партия менен элдин бүткүл ишинин эң маанилүү ажырагыс бөлүгүнө айланды. Кыргызстан эми сугаттык дыйканчылыктын ири зоналарынын бири болуп саналат. Сугаттык аянттын өлчөмү боюнча ал Орто Азияда Өзбекстандан кийин экинчи орунду, жана Союз боюнча бешинчи орунду ээлейт.

Айдоо жерлеринин жалпы аянты 1973-жылы республикада 1311,4 миң гектар аянтты, анын ичинен сугатчылык жерлер 930,0 миң гектарды түзгөн. Кыргызстандын шарттарында сугаттык дыйканчылыкты дагы да өнүктүрүү дыйканчылыктагы мелиорациянын негизги багыттарынын бири болуп саналат. Сугаттын мааниси жөнүндө айтып келип К. Маркс мындай деп жазган: «Сугаттык жерлер налогду үч эсе көп төлөйт, жумушчу күчүнө он эсе көп чыгым жумшайт, бирок ошого карабастан сугаттык эмес жерлерге караганда кирешени он же он беш эсе көп алып келет».[1]

Мелиорациянын экономикалык натыйжалуулугу Орто-

[1] *К. Маркс, Ф. Энгельс.* Чыгармалар, 2-том, 364-бет.

Токой—БЧК системасы сыяктуу ири объектинин мисалынан жакшы көрүнүп турат. «Кыргызгипроводхоз» институтунун маалыматтарына караганда бул проблеманын чыныгы экономикалык натыйжалуулугун мындан бир нече жыл мурда алдын ала анализдөө Чүй өрөөнүндө жаңы сугат жерлеринин өсүшүнүн негизинде кант кызылчасынын айдоолору 18,0 миң гектар аянттан 50 миң гектар аянтка чейин, ал эми дүң жыйым тийиштүүлүгүнө карай 6 миллион центнерден 16—18 миллион центнерге чейин же 3 эсе өскөн.

БЧК нын Батыш жана Чыгыш айрыгын пайдалануунун 18 жылы ичинде жаңы жерлердин эсебинен кошумча түрдө 33 миллион центнер кант кызылчасы алынган, бул кызылчадан 3,8 миллион центнер кант иштелип чыккан. Бул продукциянын оборотунан киреше 123,2 миллион сомду түзгөн.

Мына ошентип проблеманы чечүүнүн процессинде 1962-жылга карай жумшалган капиталдык салымдар — 125 миллион сом суммасын да жумшалган чыгымдар обороттон алынуучу налогдун үлүшү менен, башкача айтканда мамлекеттин борборлоштурулган доходунун бир бөлүгү менен толук акталды. Ал эми колхоздор менен совхоздордун кирешесин эсептөөчү болсо, мунун өзү курулуш толук аякталардан бир нече мурда эле ишке ашырылган.

Орто-Токойдун суусун сугат үчүн пайдалануу менен бирге энергетика проблемасы да чечилип турду. Батыш БЧКнын деривациялык бөлүгүндө гидро электро станцияларынын каскады түзүлдү. Ошол эле 18 жылдын ичинде 2 миллиард киловатт саат электр кубаты иштелип чыкты, ал эми андан алынган накта киреше 37 миллион сомду түзгөн. Чарбалардын доходдору ушул эле мезгилдин ичинде 51 миллион сомго жеткен. Мына ошентип киргизилген өсүш продукциясынан алынган эл чарба доходунун жалпы суммасы 211,2 миллион сомду түзгөн.

Проблемалардын комплекси боюнча капиталдык салымдардын жалпы көлөмү 143,0 миллион сом, анын ичинен ирригацияга жана айыл чарбалык өздөштүрүүгө — 125 миллион сом, жана энергетикага — 18 миллион сом зарп кылынган. Демек республиканын ушул ири суу чарба комплексин куруунун толук аяктаардан 3—4 жыл мурда эле бардык капиталдык салымдар, башкача айтканда 143 миллион сом толук акталды.



Мелиорация — айыл чарбасын мындан ары жогорулатууга багытталган чаралардын системасында КПСС БКнын 1966-жылдагы Май пленумунан кийинки мезгилде жерлерди кайрадан жаратуу боюнча эбегейсиз зор жумуштардын бири болду. Сегизинчи беш жылдыктын ичинде Кыргызстанда ирригациялык-мелиоративдик жумуштарга 173 миллион сомдон ашуун каражат жумшалды. Айыл чарба оборотуна 29,4 миң гектар жаңы сугат массивдери киргизилип, 28,6 миң гектар аянттагы жерлер мелиоративдик жактан жакшыртылды, 20 миң гектар жерлер тегизделди. Бир катар ири ирригациялык объектилер — Найман жана Сокулук суу сактагычтары, Араван — Ак-Буура каналы, бир нече насостук станциялар пайдаланууга берилди, 587 километр коллектордук-дреңаждык тармактар катарга киргизилди.

Тогузунчу беш жылдыкта мелиорация дагы да зор өнүгүшкө ээ боло баштады. 30 миң гектар сугат жерлер, Киров жана Токтогул суу сактагычтары пайдаланууга берилет. Сугат системаларын реконструкциялоо жана алардын суу менен камсыз болушун жогорулатуу, 400 миң гектар жайытка суу жеткирүү ишке ашырылат.

Тоолуу жерлер, атмосфералык жаан-чачындардын бардык жерде бирдей болгондугу, космикалык жана жердик факторлор республиканын жерлеринин абалына таасирин тийгизүүдө. Кыргызстандын территориясында агрономиялык жактан анчалык болбогон жерлер кезигет. Буга шор жана шортоң, саздак, таштуу кыртыштар кирет. Алардын ар бирин жакшыртуу үчүн тийиштүү агротехникалык, агромелиоративдик, гидромелиоративдик, гидротехникалык жана дагы башка чараларды жүргүзүүнү талап кылат. Дыйканчылык зонасында шор жана шортоң жерлер 314 миң гектар аянтты ээлейт. Шортоң жерлердин жалпы аянтында сугат жерлер 270,4 миң гектарды же 85,5 процентти түзөт. Шортоң кыртыштардын зор бөлүгү Чүй өрөөнүндө жана Борбордук Тянь-Шанда жайгашкан. Алгачкы маалыматтарга караганда Чүй өрөөнүндө шортоң кыртыштар 160 миң гектарга жакын аянтты ээлейт.

Кыртыштардын шор болушу айыл чарбасына зор зыян келтирет, өсүмдүктөрдүн түшүмүн кескин төмөндөтөт, үстүртөн жүргүзүлгөн эсептөөлөргө караганда Чүй

өрөөнүндө жыл сайын түшүмдүн коромжу болушу 10 миллион сомго жакынды түзөт.[1]

Шор жана шортоң кыртыштарды түп тамырынан бери мелиорациялоо үчүн кечиктирилгис уюштуруучулук—чарбалык, агротехникалык, мелиоративдик—гидротехникалык, токой—мелиоративдик жана химиялык чараларды жүргүзүү зарыл.

Шортоң жерлерди тузсуздандырууда суунун нормасын көбөйтүү менен профилактикалык сугаруунун зор мааниси бар. Дренаждуулугу мыкты болгон шарттарда ал жогорку натыйжа берет. Ошондуктан шор жерлерди өздөштүрүүнүн кескин тездетүү үчүн жуудуруу сугатын жүргүзүү зарыл.

1971—1975-жылдарда 19,5 миң гектар, 1976—1980-жылдарда 30 миң гектар аянттагы жердин шор топурагын жок кылуу иши жүргүзүлөт.

Жуудуруу сугаты шортоң жерлерди эң тез өздөштүрүү жолу болуп саналат. Жуудуруу сугатына муктаж болгон шор жерлердин аянты 50 миң гектарды түзөт. Мындай жол менен 5—6 жылдын ичинде бул кыртыштарды толук тузсуздандырууга жана оборотко киргизүүгө болот.

Чек боюнча жуудуруу сугаты (кырларынын бийиктиги 40—45 см) тузсуздандыруу сугатынын эң мыкты жолу болуп санала тургандыгы тажрыйбалар менен аныктalды. Жуудуруу нормалары кыртыштын шортоң даражасына жана механикалык составына жараша гектарына 8000 кубометрден 14000 кубометрге чейин болот.

1962-жылы Нарын өрөөнүндө жүргүзүлгөн жуудуруу сугатына ар гектарына 10000 кубометр суу колдонгондо кыртыштын үстүнкү 0,5 метр катмарынын шору толук жок кылынды, же кыртыштын бир метр катмарынан 63,9 процент туз жок кылынды. Күз айлары жуудуруунун эң мыкты мезгили болуп саналат.

Гипс чачуу туздак кыртыштарды мелиорациялоонун негизги жолу болуп саналат. Шор жана туздак жерлерди мелиорациялоо боюнча негизги чаралар менен бирге агызып жиберүүчү арыктарды казуу, кыртыштарды тегиздөө, агротехникалык, агро-токой мелиоративдик жана башка чаралар маанилүү ролду ойноого тийиш.

---

[1] *Н. К. Баженов.* Кыргызстандын шор топурактуу жерлери жана аларды жакшыртуунун жолдору, Фрунзе, 1965, 49-бет.



Кыргызстандын территориясында шалбаалуу саздак кыртыштардын аянты 85 миң гектарды түзөт. Негизинен алар Чүй өрөөнүндө, Түп, Сузак, Өзгөн жана кээ бир башка райондордо жайгашкан. Саздак, шор кыртыштуу райондордо коллектордук-дренаждык тармактарды куруу аларды мелиорациялоонун мыкты жолу болуп саналат. Сугаттын өнүгүшүнө жараша жакын арадагы 10—15 жылдын ичинде Чүй өрөөнүндө гана 200—220 миң гектар аянтка дренаж жүргүзүү керек. Азыркы убакта дренаждык тармак Чүй өрөөнүндө 82,2 миң гектар аянтка, Түштүк Кыргызстанда 11,1 гектар аянтка курулган.

Жабык дренажды куруу ачык дренажды курууга караганда эки эсе кымбатка түшөт. Бирок пайдалануу чыгымдары жабык дренажда 2—4 эсе аз болот. Мындан тышкары пайдалуу аянты 10—12 процентке чейин сакталат. Республикада 93,3 миң гектар жерге ачык дренаж жүргүзүлгөн, мындан болгон коромжу 9—11 миң гектар аянтты түзөт. Мына ушулардын бардыгы жабык дренаждын бир кыйла натыйжалуулугу жана ыңгайлуу экендиги жөнүндө далил болот. Ошондуктан биринчи кезекте Чүй өрөөнүндө жабык дренажга өтүү максатка ылайыктуу болор эле. Аны 1980—1985-жылдарда ишке ашырууга болот. Чүй өрөөнүндө жабык дренажды куруу 1971—1975-жылдарга белгиленген, анын узундугу 825 километр, ал эми алыскы перспективада 2150 километр болжолдонуп отурат.

Чүй өрөөнүндө Кыргыз НИИВХ тарабынан жүргүзүлгөн тике дренаждын натыйжалуулугун өндүрүштүк текшерүү аны сордуруп алынган жер астындагы сууларды сугатка пайдалануунун мүмкүнчүлүгүн жана максатка ылайыктуу экендигин далилдеди. Кыртышы шортоң участоктордо тике жана горизонталдык дренаждын айкалышуусу талап кылынат.

Айыл чарбасына кыртыштын эрозиясы зор зыян келтирүүдө. Республикада жерлерди сапаттык жактан учёткo алуунун маалыматтарына караганда 10,2 миллион айыл чарба жерлеринин 2 миллионго жакыны эрозияга дуушар болгон.

Шамал эрозиясы Ысык-Көлдүн батыш жагында, Кочкор, Талас жана Алай өрөөндөрүндө, ошондой эле Баткен, Лейлек, Ленин, Ала-Бука жана Жаңы-Жол райондорунда өтө таралган.

Суу жана шамал эрозиясынын кесепетинен жыл са-

йын 1,5 миң гектарга жакын айдоолор жана жайыттар бузулуп, аз продуктуулуу жерлердин разрядына кошулуп турат. Алгачкы маалыматтарга караганда Борбордук Тянь-Шанда айыл чарба оборотунан 30 миң гектар жерлер чыгып калган. Ош областында ирригациялык эрозиянын гана кесепетинен 1 миң гектардан ашуун асыл жерлер айыл чарба оборотунан чыгып калган.

А. М. Мамытовдун маалыматтарына караганда (1971-ж) талаа кыртыштарында бир эле жолу сууну жайпата коё берип сугарганда айдоонун ар гектарынан 700 килограммга чейин гумусу, 80 килограмм азоту, 30 килограмм фосфору жана 300 килограммга жакын калийи бар 40 тоннага чейин асыл топурак жуулуп кетет. Толук эмес маалыматтарга караганда кыртыштын эрозиясынын кесепетинен республикабыз жыл сайын 11 миллион сомдук айыл чарба өсүмдүктөрүн кем алууда.

Азыркы убакта кыртыштарды суу жана шамал эрозиясынан сактоо боюнча иштер чындыгында өтө начар ишке ашырылып жатат. Элементардык агротехникалык эрозияга каршы чараларга өзгөчө көңүл бурулбайт.

Биздин республикабызда кыртыштарды эрозиядан сактоо боюнча зор жумуштар тогузунчу беш жылдыкта жүргүзүлүүдө. 1971—1975-жылдардагы беш жылдык планда 1,5 миң гектар аянтка талаа коргоочу токой тилкелерин тигүү, 6,0 миң гектар аянттагы жарларды, коктуларды жана дагы башка эрозияланган жерлерди токойлоштуруу, 600 гектар аянттагы жантаймаларды тектирлөө каралган. Эрозияга каршы, гидротехникалык жана селге каршы курулуштарды курууга 8,3 миллион сом бөлүнүп берилген.

Айыл чарба органдарынын жетекчилери менен адистери жумуштардын көлөмүн туура аныктап, эрозияга каршы чараларды ишке ашыруу үчүн бөлүнүп берилген каражаттарды толук даражада пайдаланууга милдеттүү.

Кыргызстандын шарттарында сугатчылыкты өнүктүрүү — айыл чарбасын интенсивикациялоонун эң маанилүү жолу болуп эсептелет. Республиканын суу чарба курулушуна өзгөчө зор каражаттар жумшалууда.

Сугат дыйканчылыгын мындан ары өнүктүрүү үчүн республикабызда материалдык-техникалык база жана зор табигый ресурстар бар. Республиканын жер үстүндөгү суу ресурстары негизинен Сыр-Дарыя, Нарын, Кызыл-Суу дарыяларынын бассейндеринин жогорку агы-



мында, ошондой эле Ысык-Көлдүн туюк гидрологиялык бассейнинде топтолгон.

Нарын, Чүй, Талас, Кызыл-Суу, Кара-Үңкүр-Сай, Ак-Бура жана башка дарыялар сугат үчүн пайдаланылуучу ири суу артериялары болуп саналат. Кыргызстандын территориясында миңден ашуун майда өзөндөр бар, алардын 820 сугат үчүн пайдаланылат.

Азыркы убакта ирригациялык каналдардын жалпы узундугу 25 миң километрден ашып түшөт, 24 миң гидротехникалык курулуштар иштейт. 300 миң гектарга жакын жерлер инженердик системалар менен камсыз кылынган. Сугат булактарынан сугаруу системаларына 6500 миллион кубометр суу берилип турат, алардын 50 проценти фильтрацияланып текке кетет.

Кыргызстанда жер астындагы суулардын зор запасы бар. Кыргызстан суу чарба илим изилдөө институтунун алгачкы маалыматтарына караганда жер астындагы суулардын жалпы прогноздук ресурстары республика боюнча 594 миллион кубометрди түзөт. Азыркы убакта жер астындагы суулар айыл чарбасы менен өнөр жайын суу менен жабдуу үчүн гана пайдаланылат.

Дыйканчылыктын маданиятын жогорулатуу, айыл чарбасын жаратылыштын каатчылыгынан, өзгөчө кургакчылыктан куткаруу үчүн сугат дыйканчылыгын бардык чаралар менен өнүктүрүү зарыл.

Сугат дыйканчылыгын мындан ары өнүктүрүү республикадагы суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу жана анда ирригациялык объектилерди куруу жолу менен ишке ашырылууга тийиш.

Республиканын сугат дыйканчылыгын мындан ары өнүктүрүүнүн негизги багыттары төмөндөгүлөр болушу керек:

жаңы ирригациялык объектилерди куруунун эсебинен жаңы сугаттык жерлерди көбөйтүү;

азыркы сугат системаларын реконструкциялоо; сугарылуучу жерлердин мелиоративдик абалын жакшыртуу;

сугатка биринчи кезекте кыртыш катмары мыкты болгон кайрак дың жерлерди пайдалануунун эсебинен жаңы сугат жерлерин кеңейтүү, тоо жантаймаларын мөмө бактары жана жүзүмчүлүк үчүн пайдалануу;

сугат жерлерин мындан ары өнүктүрүү жана өстүрүү суу чарба курулушунун материалдык-техникалык база-

сын жана айыл чарба продукциясына эл чарбасынын керектөөлөрүн канааттандырууну эске алуу менен жүргүзүлөт.

«Кыргыз ССРинин өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүү» боюнча генеральный схемада эки зор суу сактагычын: сыйымдуулугу 550 миллион кубометр келген Киров жана сыйымдуулугу 70—80 миллион кубометрге чейин болгон Төрт-Күл суу сактагычтарын пайдаланууга берүү белгиленген.

Төө-Моюн талаасы пахта эгүү үчүн пайдаланылуучу Түштүк Кыргызстандагы ири сугат массивдеринин бири болуп саналат. Ал 1980-жылга чейин Найман жана Папан суу сактагычтарынан 7,3 миң гектар аянтта суугарылат. Көгарт өрөөнүнүн жогорку аймагы дан жана тамеки эгүү үчүн пайдаланылып, негизинен Кампыр — Рават каналынын суусу менен суугарылат. Арка жана Жал массивдерин да сугаруу жөнүндө маселе алдыда турат.

Куланак жана Кочкор өрөөндөрүндө 12 миң гектарга жакын жерлер сугат дыйканчылыгына пайдаланылат. Мында дан жана тоют өсүмдүктөрү эгилмекчи. Кыргыз ССРинин курулуп жана долбоорлонуп жаткан сугат системаларында жалпы кубаттуулугу 62,3 миң киловат келген 57 насос станциясы, мунун ичинде дренаждык жана скважиналык насостор орнотулмакчы. Насос станцияларына карай ЛЭПтин жалпы узундугу 210 километрди түзөт.

Генеральный схемада белгиленген эң маанилүү ирригациялык объектилер республиканын негизги дыйканчылык районлорун өз кучагына алат, мында көптөгөн айыл чарба өсүмдүктөрүн: дан, пахта, тамеки, кант кызылчасын, картошка жана жашылчаларды эгүүгө болот.

## КОРУТУНДУ

Бул эмгекте республиканын колхоздору менен совхоздорунун жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун маселелери, ошондой эле аларды мындан ары жакшыртуунун жолдору баяндалган. Кыргызстан тоолуу өлкө болгондуктан өзүнчө спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ. Анын табигый—экономикалык шарттарынын өтө ар түрдүү болушу айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүшүнө жана багытына белгилүү даражада таасир калтырды.

Айыл чарбасында жаратылыштын өзү өндүрүштүн натыйжаларына активдүү таасир тийгизүүдө. Ар бир айрым зонаны, райондун жан конкреттүү чарбанын табигый шарттарынын зор контрасттуулугунун жана өзгөчөлүктөрүнүн белгилерине жараша айыл чарбасын өзүнчө адистештирүү жана жайгаштыруу жүргүзүлөт. Ошондуктан ар түрдүү таксономиялык көрүнүштөрдө жайгашкан жерлер чарбалык пайдаланууда да айырмаланат.

Кыргызстандын территориясында кыртыштын географиялык жайгашуусу тике алкактуулук боюнча даана билинип турат. Ылдыйдан жогору карай бийик болгон сайын климат, өсүмдүктөр, кыртыш катмары өзгөрүп, бул жерлерди пайдалануунун мүнөзү да ар түрдүү болот. Мисалы, Түштүк Кыргызстанда өрөөндүк жерлерде жайгашкан типтүү боз топурак кыртыштар негизинен пахта, субтропикалык өсүмдүктөрдүн кээ бир түрлөрүн (анарды, жашылча-бакча өсүмдүктөрүн, мөмө жана башка жемиштерди) өстүрүүгө жагымдуу таасир көрсөтөт.

Тоо этегиндеги зоналарда жайгашкан чарбалар пахтачылык-мал чарба жана мал чарба—тамеки өстүрүүчүлүк багытын көздөйт. Бул зоналарда мындан тышка-

ры жашылча, мөмө жана багбанчылык чарбасы өнүккөн. Бул зоналардан жогору жерде кара боз топурак кыртыштар жайгашкан, алар көбүнчө кайрак дыйканчылыгы үчүн жана жазгы-күзгү жайыттар үчүн пайдаланылат. Андан да жогору жайгашкан тоо жантаймаларындагы кыртыштар негизинен жайыттар жана табигый чөп чабындылар катарында пайдаланылат.

Чүй өрөөнүнүн табигый шарттары кадимки боз топурактуу кыртыштарда негизинен кант кызылчасын, ошондой эле жашылча-бакча өсүмдүктөрүн, картошка, мөмө-жемиштерди, жүзүмдү жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүүгө жагымдуу таасир тийгизет. Тоо этегиндеги жерлер багбанчылык үчүн, ал эми бийик тоолуу алкактар жайыттар жана табигый чөп чабындылар үчүн пайдаланылат.

Ысык-Көлдүн жээгиндеги мелүүн жылуу деңиздик климат дан, тоют өсүмдүктөрүн, картошка, жашылча, мөмө-жемиш жана башка өсүмдүктөрдү эгүүгө жагымдуу шарт түзөт.

Республиканын бардык колхоздору менен совхоздорунда которулуштуруп айдоолорду киргизүү жана өздөштүрүү, ошондой эле жаңы жогорку түшүмдүү райондоштурулган сортторду эгүү дыйканчылыктын маданиятын жогорулатуунун эң маанилүү шарттары болуп саналат.

Мына ушул чаралардын бардыгын ишке ашыруу айыл чарбасынын алдына коюлган милдеттерди аткарууга мүмкүндүк берет.

МАЗМУНУ


Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . . . . 3

Табигый экономикалык шарттар жана айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүгө алардын таасири . . . . . . . . . . 5

Айыл чарбасын жана жерди пайдалануунун натыйжалуулугун өнүктүрүү . . . . . . . . . . . . . . 22

Жерди интенсивдүү пайдалануунун жолдору . . . . . 49

*Нарбаев К.*

**ПУТИ ЭФФЕКТИВНОГО ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ЗЕМЕЛЬНЫХ РЕСУРСОВ КИРГИЗСКОЙ ССР**

(на киргизском языке)

Редактор *Арыков Т.*
Тех. ред. *Ж. Сооронкулова*
Корректор *С. Бекжанова*
Худ. ред. *Н. Таранов*

Терүүгө 23/XII-1975 ж. берилди. Басууга 20/II-1976 ж. кол коюлду. Д—03471
Кагазы типографская № 3 форматы 84×108[1]/32, 2,5 физ. басма табак, 4,2 шарттуу басма табак, 4,17 учеттук табак. Тиражы 2000. Заказ № 4760.
Баасы 10 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулёвская, 102, Киргизполиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР Госкомиздата Киргизской ССР.

10 F.